З.Д. ДОЛУЕВА, Г.О. КӨЧӨРОВА

# АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИ. СИНТАКСИС

Окуу-методикалык колдонмо

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**К. КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК**
**ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**З.Д. Долуева, Г.О. Көчөрова**

# АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИ. СИНТАКСИС

**Окуу-методикалык колдонмо**

(Кыргыз тили жана адабияты (сырттан окуу бөлүмү) жана башталгыч класстардын окутуучуларын даярдоо адистигине кыргыз тилинин синтаксисин предметтик системанын негизинде окутуу технологиясы боюнча окуу-методикалык колдонмо)

Бишкек – 2018

УДК 81. 367.7 (575.2) (043.3)
ББК: 81.2 Ки
Д 64

Басмага К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Окумуштуулар кеңеши сунуш кылган.

**Илимий редактор:** КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор **С.Ж. Мусаев**

**Рецензенттер:** филология илимдеринин доктору, профессор **К.Т. Токтоналиев**
филология илимдеринин кандидаты, доц.м.а **Г. Шакенбаева**

**Долуева З.Д., Көчөрова Г.О.**
Д 64 Азыркы кыргыз тили. Синтаксис: Окуу-методикалык колдонмо. – Бишкек: 2018. - 66 б.

ISBN 978-9967-09-333-1

Окуу-методикалык колдонмодо азыркы кыргыз тилинин синтаксисин өздөштүрүүдө, аны тереңдетип үйрөнүүдө атайын лекциялардын топтому, аларды бекемдөө, бышыктоо максатында көнүгүүлөрдүн жыйнагы, тапшырмалары иштелип чыкты.

Аталган окуу-методикалык колдонмо жалпы эле кыргыз тилинин маселелерине кызыккан студенттерге, филологдорго, аспиранттарга, мугалимдерге арналат.

Д4602020400-18 УДК 81. 367.7 (575.2) (043.3)
ISBN 978-9967-09-333-1 ББК 81.2 Ки
©Долуева З.Д.,
Көчөрова Г.О.
2018

## Баш сөз

Тил коомдук көрүнүш экендиги жөнүндөгү аныктама көптөгөн кылымдардан бери аксиома катары таанылып келаткандыгын танууга болбойт. Демек, тил коомдук көрүнүш болгон соң, коом менен бирге тил да өнүгүп, өөрчүп отурары мыйзам ченемдүү көрүнүш. Коомдун өнүгүшүнөн анда болуп жаткан тилдик процесстердин өзүнчө маселелери пайда болуп, анын ар тараптан иликтенишин, мезгил талабына ылайык чечилишин учур өзү талап кылат. Тил маселелерин коомдун өнүгүүсүнө, анын өнүгүү жолундагы зарыл шарттарына, мыйзам ченемдүү жактарына заман талабына ылайык иликтөө, изилдөө иштерин жүргүзүү – тил илиминин негизги милдети. Албетте, ар кандай коомдун өнүгүшүндө ошол коомдо өкүм сүргөн тилдик кубулуштарга карата жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр, анын натыйжасынан жаралган жаңылыктар, жетишкендиктер улут үчүн чоң мааниге ээ экендигин турмуш өзү далилдеп келе жатат.

Окуу-методикалык колдонмо азыркы кыргыз тили курсунун синтаксис бөлүгү боюнча жазылды. **Синтаксис** – грамматиканын экинчи бөлүгү, ал сөз айкашы менен сүйлөмдүн түзүлүшүн жана түрлөрүн үйрөтөт. Синтаксис азыркы кыргыз тилинин сөз айкашы менен сүйлөмдү үйрөтө турган грамматиканын бир бөлүгү. Сүйлөмдүн түрлөрүн, сөз айкаштарынын түзүлүшүн жана алардын тутумундагы сөздөрдүн өз ара байланышуу эрежелерин үйрөтөт. Сөз айкашы толук маани берген эки же андан ашык сөздүн айкалышынан түзүлүп, түшүнүктүн ортосундагы ар түрдүү мамилени билдирет. Сөз айкашы багындыруучу жана багыныңкы сөздөн жана ар дайым экиден кем эмес толук маанилүү сөздөн турат. Сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун аяктаганын билдирүүчү жак, чак, модалдуулук сыяктуу грамматикалык категориялар бар, ал эми сөз айкашына бул категориялар мүнөздүү эмес.

“Азыркы кыргыз тилинин” синтаксис бөлүмүн окутууда студенттердин синтаксис жөнүндөгү жалпы түшүнүгүн ар тараптан кенейтүүгө басым жасоо зарыл. Анткени сөз айкашы,

сүйлөм түзүлүштөрү аркылуу студенттер тилдин грамматикалык бөлүмү боюнча толук кандуу маалымат алып, өздөрүнүн сүйлөө жана жазуу кебин өстүрүшөт.

Колдонмодо курс боюнча өтүлүүчү сабактардын көлөмү болжолдуу түрдө бөлүштүрүлдү. Тилдик деңгээлдерден синтаксисте үйрөтүүчү материал көп, аны өздөштүрүү да татаал.

Лекциялык материалдарды окутууда лектор эмнеге көнүл буруу керек, практикалык сабакта аткарылуучу көнүгүүлөр жана тапшырмалар, колдонулуучу адабияттар сунушталды. Студенттердин билимин баалоо боюнча тесттик көнүгүүлөр киргизилди. Азыркы кыргыз тилинин синтаксис курсун окуп үйрөнүүдө студенттерге көмөкчү окуу каражаты боло алат деген ойдобуз. Окуу-методикалык колдонмо боюнча сын-пикирлерди ыраазычылык менен кабыл алабыз.

## Тема: Синтаксис, анын изилдөө объектиси

**План:**

1. **Сөз айкашы жөнүндө түшүнүк**
2. **Сөз айкашынын түзүлүшү**
3. **Сөз айкашынын түрлөрү**
4. **Сөз айкаштарынын сүйлөмдөн айырмасы**

*Пайдаланган адабияттар:*


1. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. - Фрунзе: Мектеп, 1986.*
2. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
3. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. -Б.,2000.*
4. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе: Мектеп,1978.*
5. *Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. -Ф.,1979.*
6. *Жакыпов А. Жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси менен пунктуацияны окутуу. - Фрунзе: Мектеп,1968.*


**Синтаксис** - деген термин грек тилинин **sihtaxis а**йкалыштыруу, түзүү деген сөзүнөн алынган. Ал сөз менен сөздүн айкалыш ыкмасы катарында колдонулуп келген. Кийин анын арымы кеңейип, сөз айкаштарынан сүйлөм жасоо ыкмасы жана тилдин синтаксистик курулушун изилдей турган илим маанисине өтөт.

Синтаксистин кучагына сүйлөм менен сөз тизмеги, татаал форма, сүйлөм мүчөлөрү, грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр, синтаксистик түрмөктөр, интонация жана сөздөрдүн синтаксистик байланыштары кирип, булар тил илиминде синтаксистик категориялар деп аталат.

Сүйлөмдүн түрлөрүн, сөз айкаштарынын түзүлүшүн жана алардын тутумундагы сөздөрдүн өз ара байланышуу эрежелерин үйрөтүүчү грамматиканын бир бөлүгү.

Синтаксис сөз айкашы жана сүйлөм деген эки бөлүмдөн турат.

Сөздөр бири-бири менен маанилик жана грамматикалык жактан байланышып, сөз айкашын жана сүйлөмдү түзүшөт. Сөз айкашы да, сүйлөм да өзүнүн мааниси жана грамматикалык түзүлүшү жагынан айырмаланат.

**Синтаксис** – сөз айкашы менен сүйлөмдү үйрөтө турган грамматиканын бир бөлүгү.

**Синтаксис** – грамматиканын экинчи бөлүгү, ал сөз айкашы менен сүйлөмдүн түзүлүшүн жана түрлөрүн үйрөтөт.

## Тема: Сөз айкашы

**План:**

1. **Айкашта турган сөздөрдүн байланышуу жолдору**
2. **Тең байланыш**
3. **Багыныңкы байланыш**


*Пайдаланган адабияттар:*

1. *А. Жапаров Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979.*
2. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
3. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. - Фрунзе: Мектеп, 1978.*
4. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. - Фрунзе: Мектеп, 1986.*
5. *Б. Кыргыз тили 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
6. *Өмүралив Б., Жумакунов З. Кыргыз тилинин синтаксисин окутуу. - Ф., 1978.*


Сөз айкашы толук маани берген эки же андан ашык сөздүн айкалышынан түзүлүп, түшүнүктүн ортосундагы ар түрдүү мамилени билдирет. Сөз айкашы багындыруучу жана багыныңкы сөздөн турат.

Сүйлөмдү түзүүгө катышкандыктан сөз айкашы сүйлөмдүн составдык бир бөлүгү болуп саналат.

Сөз айкаштары багындыруучу негизги сөзгө анын маанисин айкындап туруучу багыныңкы сөздүн кошулуп айтылышы аркылуу түзүлөт.

Багындыруучу түгөйдүн кайсы сөз түркүмүнөн экендигине байланыштуу сөз айкашы атоочтук жана этиштик сөз айкашы болуп, экиге бөлүнөт.

Сөз айкашынын багындыруучу сөзү этиш болсо, ал этиштик сөз айкашы деп аталат: космоско *учуу,* саякат жөнүндө *аңгемелешүү*. Этиштик сөз айкаштарында кээде жандоочтор да катышат: балдар *жөнүндө* ойлонуу, самолёт *менен* учуу.

Сөз айкашынын багындыруучу сөзү атооч сөздөрдөн (зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч) болсо ал атоочтук сөз айкашы деп аталат: көпкөк *асман*, тоодон *бийик,* келе жаткандардын *бирөө*.

Сүйлөм айрым алынган бир сөздөн да турат.

Сөз айкашы ар дайым экиден кем эмес толук маанилүү сөздөн турат. Сүйлөмдө кабарланып жаткан ойдун аяктаганын билдирүүчү жак, чак, модалдуулук сыяктуу грамматикалык категориялар бар, ал эми сөз айкашына бул категориялар мүнөздүү эмес.

## Тема: Сөз айкашынын түгөйлөрүнүн грамматикалык байланышы

**План:**

1. **Айкашта турган сөздөрдүн байланышуу жолдору**
2. **Тең байланыш**
3. **Багыныңкы байланыш**


*Пайдаланган адабияттар:*

1. *А. Жапаров Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979.*

2. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги -Б.,2000.*
3. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе: Мектеп, 1978.*
4. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили.-Фрунзе: Мектеп, 1986.*
5. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
6. *Иманов А., Сапарбаев А. Кыргыз тили. -Ф.,1998.*

Сөз айкашынын жана сүйлөмдүн тутумунда турган сөздөрдүн өз ара карым-катышы синтаксистик байланыштын тең жана багыныңкы байланыш деген эки тиби аркылуу иш жүзүнө ашырылат.

Грамматикалык формасы, лексикалык мааниси жагынан бири-бирине таасирин тийгизип, бирдей суроого жооп берүү менен бир сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарган, тең укукка ээ сөздөрдүн өз ара байланышы тең байланыш деп аталат.

Сүйлөмдө өз ара айкашкан сөздөрдүн бири лексика-грамматикалык жактан экинчисине баш ийсе, багыныңкы байланыш деп аталат.

Сүйлөмдүн мындай байланышы ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу менен таандык байланышта курулат.

Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн сан, жак боюнча байланышы ээрчишүү байланыш деп аталат. Мисалы: *Студеттер келишти.*

Сүйлөм тутумундагы же сөз айкашындагы башкарылуучу сөздүн илик жөндөмөсүнөн башка кыйыр жөндөмөлөрдүн биринде туруп, башкаруучу сөз менен болгон байланышы башкаруу байланышы деп аталат. Мисалы: *сабакка баруу.*

Сүйлөмдүн тизмегинде же сөз айкашынын тутумундагы баш ийүү абалында турган сөз башкаруучу сөз менен орун тартиби боюнча ырааттуу түрдө ыкташа байланышып айтылса ыкташуу дейбиз. Мисалы: *чөнтөк телефон.*

Илик жөндөмөсүндө турган багынуучу сөз менен таандык мүчөнүн бирин кабыл алып турган багындыруучу сөздүн

өз ара байланыш-катышы таандык байланыш деп аталат. Мисалы: *билимдин кени.*

## Тема: Сүйлөм

**План:**

1. **Сүйлөм жана анын көлөмү**
2. **Сүйлөмдүн жалпы классификациясы**
3. **Сүйлөмдүн структуралык классификациясы**

*Пайдаланган адабияттар:*


1. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. -Б.,2000.*
2. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. - Фрунзе:Мектеп, 1978.*
3. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе: Мектеп, 1986.*
4. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
5. *А. Жапаров. Кыргыз тилинин синтаксиси -Ф.,1979.*
6. *Жакыпо в Ы. Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси. -Ф.,1968.*


Синтаксистин эң кыска өлчөмдөгү бирдиги сүйлөм болуп эсептелинет. Ал коомдук турмушта пикир алышуу, башкача айтканда, байланыш катыштын эң негизги каражаты болуу менен коммуникативдик милдетти аткарат.

**Сүйлөм** – ойду пайда кылуучу, калыптандыруучу жана аны ишке ашыруучу сөздүн грамматикалык жактан тутумдашкан, жыйнактуу бүтүн бирдиги.

Тилдин ички мыйзам ченемдүүлүгүнө ылайык грамматикалык жактан уюмдашып, кадыресе ойду билдирген кеп бирдиги сүйлөм деп аталат. Ошол себептүү сүйлөм тилдин эң башкы бөлүгү, элементи болуп, сөздөр болсо ар кыл сапаттагы курулуш материалдары болуп саналат да, алар бул же ти-

гил касиеттеги синтаксистик категориялардын милдетин аткарып, сүйлөмдүн тутумдуу бөлүгү катарында гана кызмат өтөйт.

Бүткөн бир айрым ойду билгизүү, интонация – сүйлөмдүн мүнөздүү белгилери.

Сүйлөмдө баш мүчөлөрдөн турган грамматикалык негиз болот. Ушул жагынан сүйлөм сөз айкашынан айырмаланат.

Сүйлөмдүн биринчи багытта классификацияланышы сүйлөмдүн модалдык маанилерине жараша бөлүнүп, буга жай, суроолуу жана илептүү сүйлөмдөр системасы кирет.

Сүйлөмдүн экинчи багытта классификацияланышы анын структуралык жагына (тутуму менен түзүлүшү жагына) карай сүйлөм эң оболу жөнөкөй жана татаал сүйлөм болуп, эки негизги түргө бөлүнөт.

Бир сүйлөмдөн түзүлсө, сүйлөм жөнөкөй болот.

Татаал сүйлөм – эки же андан көп жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлөт.

## Тема: Сүйлөмдүн колдонулуш максатына карай бөлүнүшү (жай, суроолуу, илептүү)

**План:**

1. **Жай сүйлөм жөнүндө түшүнүк**
2. **Жай сүйлөмдүн структуралык жактан бөлүнүшү**
3. **Суроолуу сүйлөм**
4. **Илептүү сүйлөм**

*Пайдаланган адабияттар:*


1. *А. Жапаров Кыргыз тилинин синтаксиси Ф.,1979. - Ф:Мектеп, 1978.*
2. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1986.*
3. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*

4. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
5. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе: Мектеп, 1978.*
6. *Жакыпов Ы. Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси. -Ф.,1968.*

Айтылып жаткан кептин мазмунун, чындыкка карата болгон мамилесин билдирүү максатына жана баяндалып жаткан ойдун кырдаалына карай сүйлөмдөр жай, суроолуу, илептүү болуп бөлүнөт.

Жай сүйлөм сүйлөөчүнүн айлана-чөйрөдө, чындык турмушта болуп жаткан окуяларга, түшүнүккө, кубулушка жана башка ар кандай нерселерге карата болгон оюн жайынча гана баяндайт.

Жай интонация катышып, түшүндүрүү, билдирүү, кабарлоо иретинде айтылган сүйлөмдөр жай сүйлөм деп аталат.

Илептүү сүйлөм жашоо-тиричиликте болуп жаткан же болуп өткөн жана ошондой эле боло турган иштер менен окуялар, кубулуштар менен көрүнүштөр, түшүнүктөр менен нерселер жөнүндө адамдын чын көңүлүнөн жана ички сезиминен, ички эмоциясынан чыккан кабарды билдирүү максатында айтылган сүйлөмдөр илептүү сүйлөм деп аталат.

Илептүү сүйлөмдөрдүн бардык түрүндө илептүү интонация катышат, түзүлүшү жагынан төмөндөгүчө болот:

1. Жек көрүп, шылдыңдоо, кубануу, коркуу, өтүнүү маанилеринде сөздөр катышат.
2. Сырдык сөздөр катышат.
3. Сүйлөмдүн баяндооч мүчөлөрү ээден мурда келет.

Илептүү сүйлөмдүн аягына (!) белгиси коюлат.

Суроолуу сүйлөм – угуучуга тике багытталып, кайрылуу, жооп күтүү маанилеринде болот.

Суроолуу сүйлөмдөрдө диалогдук сөздөр кеңири орун ээлейт, кеңири таралган монологдук сөздө да колдонулат.

Суроолуу сүйлөмдүн бардык түрлөрүнө суроолуу интонация катышып, түзүлүш жагы төмөндөгүчө болот:

1. Сурама ат атоочтор катышат.

2. Суроолуу *-бы* уландысы жана *беле, бекен* деген жардамчы сөздөр катышат.

Контекстке карай жана суроолуу интонация катышпай калса, мындай түзүлүштөгү сүйлөмдөр суроо маанисин билдире албай калат.

Суроолуу сүйлөмдөрдүн аягына суроо белгиси (?) коюлат.

## Тема: Сүйлөмдүн грамматикалык жактан түзүлүшү

**Жөнөкөй сүйлөм**

**План:**

1. **Жөнөкөй сүйлөм жөнүндө түшүнүк**
2. **Жөнөкөй сүйлөмдүн структуралык жактан бөлүнүшү**
3. **Бир тутумдуу жана эки тутумдуу сүйлөмдөр**

*Пайдаланган адабияттар:*


1. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе: Мектеп, 1978.*
2. *А. Жапаров Кыргыз тилинин синтаксиси. – Ф.,1979.*
3. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1986.*
4. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
5. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
6. *Жакыпов Ы. Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси. -Ф.,1968.*


Сүйлөм тутумун түзүп турган бөлүктөрүнүн сапаттык бөтөнчөлүктөрүнө жараша, тагыраак айтканда, кандай сапаттагы синтаксистик категориялардын тургандыгына карата жөнөкөй сүйлөм жана татаал сүйлөм болуп эки негизги түргө

бөлүнөт да, алар өз кезегинде жөнөкөй сүйлөмдөр менен татаал сүйлөмдөрдүн дагы башка түрлөрүнө ажырайт.

Бир гана сүйлөмдөн туруп, айрым бүткөн бир ойду билдирген сүйлөм жөнөкөй сүйлөм деп аталат.

Жөнөкөй сүйлөмдүн тутумунда грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр катышкан сүйлөмдөр да кирет.

Жөнөкөй сүйлөмдөр мына ушундайча бөтөнчөлүктөрүнө жараша бир тутумдуу жана эки тутумдуу сүйлөмдөр болуп, эки түргө бөлүнөт. Жөнөкөй сүйлөмдүн мына ушул белгиленип жаткан эки негизги түрүнүн базасында сүйлөмдүн дагы бир татаал формалуу жөнөкөй сүйлөмдөр деп аталган үчүнчү түрү калыпташкан. Сүйлөмдүн бул аталган татаал формалуу түрлөрү бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр менен эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн базасында түзүлөт.

Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн табияты анын тутумун түзүп турган мүчө болуп келген же грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн өз ара катышына карай шартталат.

## Тема: Бир тутумдуу сүйлөм жана анын бөлүнүшү

**План:**

1. **Бир тутумдуу сүйлөм жөнүндө түшүнүк**
2. **Атама сүйлөм**
3. **Жактуу сүйлөм**
4. **Жаксыз сүйлөм**

*Пайдаланган адабияттар:*

1. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1978.*
2. *А.Жапаров Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979.*
3. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Ф:Мектеп, 1986.*

4. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. -Б.,1999.*
5. *Нуриев Т. Кыргыз тилинин синтаксиси (бир тутумдуу сүйлөмдөр). -Б.,2005.*
6. *Жакыпов Ы. Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси. -Ф.,1968.*

Бир тутумдуу сүйлөмдөр дегенибиз – мына ошол ченемдин базасында классификацияланган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бир түрү. Составы жагы боюнча алганда жалаң баяндооч мүчөлөрдүн тобунан турган же баш мүчөлөргө ажыратылбаган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бир бөтөнчө түрү, формасы болуп саналат. Баш мүчөлөрдүн бирөө гана катышкан же баш мүчөлөргө ажырабаган жөнөкөй сүйлөм бир тутумдуу сүйлөм деп аталат.

Эки тутумдуу сүйлөм да, бир тутумдуу сүйлөм да жалаң жана жайылма түрүндө келе берет.

Бир тутумдуу сүйлөмдүн төмөнкүдөй түрлөрү бар: атама, жактуу, жаксыз сүйлөмдөр.

Затты, окуяны, жаратылыштын көрүнүштөрүн жана башка нерсени атап көрсөткөн сүйлөм атама сүйлөм деп аталат.

Атама сүйлөм көркөм адабиятта заттын көрүнүшүн сүрөттөөдө публицистикалык стилде көбүрөөк колдонулат.

Жактуу сүйлөм – бул этиштик баяндооч аркылуу түзүлгөн сүйлөм. Баяндоочко I же II жактын мүчөсү уланып турат же баяндооч этиштин буйрук, шарттуу, каалоо-ниет ыңгайларынан болот.

Ээси болбогон, баяндоочтон гана түзүлгөн сүйлөм жаксыз сүйлөм деп аталат. Баяндооч жаксыз формадагы этиштерден же башка сөз түркүмүнөн болот.

Сүйлөмдө кыймыл-аракеттин өзү маанилүү болгондуктан, ээ белгисиз болот. Бул кырдаал ээнин сүйлөмдө катышып турушу же көмүскө калышы баяндооч мүчөлөрдүн мүнөзүнө байланыштуу болот.

**Тема: Эки тутумдуу сүйлөм жана анын өзгөчөлүгү**

**План:**

1. **Жалаң сүйлөм**
2. **Жайылма сүйлөм**

*Пайдаланган адабияттар:*


1. *А. Жапаров Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979.*
2. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1986.*
3. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
4. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
5. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1978.*
6. *Жакыпов Ы. Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси. -Ф.,1968.*


Эки тутумдуу сүйлөмдө баш мүчөлөрдүн экөө тең ээ да, баяндооч да катышып турат. Бирок эки тутумдуу сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрү дайыма эле катышып турушу милдеттүү боло бербейт. Стилдик талапка жараша ээлик милдет аткаруучу сөздөр көмүскөдө калышы мүмкүн.

Эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн негизги формасы жалаң сүйлөмдөр менен жайылма сүйлөмдөр болуп саналат. Себеби сүйлөм мүчөлөрү менен грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр жөнөкөй сүйлөмдүн мына ушул эки түрүнө карай байланышта катышат да, алардын касиети дал ушулардын аталган синтаксистик категориянын табиятын айкындоо ишине байланышта аныкталат.

Баш мүчөлөрдөн гана түзүлгөн сүйлөм жалаң сүйлөм деп аталат.

Баш жана айкындооч мүчөлөрдөн түзүлгөн сүйлөм жайылма сүйлөм деп аталат.

Эки тутумдуу сүйлөмдөр жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өтө кеңири жайылган түрү катарында гана эмес, курулушу жактан толук калыпташкан, дифференцияланган жана биринчи деңгээлдеги синтаксистик категорияларды толук түрдө өз кучагына камтыган сүйлөмдүн түрү катарында да, бир тутумдуу сүйлөмдөр менен татаал формалуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү классификациялоодо алардын чегин, өзгөчөлүктөрүн ажыратууда да кандайдыр бир ченем, түп негиз кызматын да кошо өтөйт.

## Тема: Татаал сүйлөмдүн синтаксиси

**План:**

1. **Татаал сүйлөм жөнүндө түшүнүк**
2. **Татаал сүйлөмдүн түрлөрү**
3. **Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору**

*Пайдаланган адабияттар:*


1. *А. Жапаров Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979.*
2. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1986.*
3. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
4. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
5. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп,1978.*
6. *Сартбаев К.К. Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдүн синтаксиси. -Ф.,1975.*


Маани жагынан өз ара байланыштуу келген эки же андан көп жөнөкөй сүйлөмдөр грамматикалык жактан бири-бири менен өз ара тутумдашып, бирдиктүү бир татаал ойдон кабар билдирсе, татаал сүйлөм деп аталат.

Татаал сүйлөмдүн табияты, эң оболу, анын структуралык бөтөнчөлүгүнө карай шартталат.

Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-биринин кырдаалын көрсөтпөй, мааниси жана грамматикалык жактан бирине-бири баш ийбей, өз ара тең укукта колдонулушу мүмкүн.

Жөнөкөй сүйлөмдүн составдык бөлүктөрүн, тутумун грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр менен мүчө катары келген сөздөр түзүп турса, татаал сүйлөмдүн тутумун бир нече жөнөкөй сүйлөм түзөт.

Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн тутумдашуу жолдору:

1. Интонация аркылуу
2. Байламталардын жардамы менен
3. Сөз мүчөлөрү аркылуу
4. Жандоочтор аркылуу
5. Мезгилди билдирген сөздөрдүн жардамы аркылуу.

Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы маанилик карым-катыштарына жана грамматикалык түзүлүшүнө карай татаал сүйлөм үчкө бөлүнөт:

1. Тең байланыштагы татаал сүйлөм
2. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм
3. Аралаш татаал сүйлөм

## Тема: Тең байланыштагы татаал сүйлөм

**План:**

1. **Тең байланыштагы татаал сүйлөм жөнүндө түшүнүк**
2. **Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн түрлөрү**
3. **Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм**
4. **Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөм**

*Пайдаланган адабияттар:*

1. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1986.*

2. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
3. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
4. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1978.*
5. *Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф., 1979*
6. *Сартбаев К.К. Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдүн синтаксиси. -Ф.,1975.*

Тең байланыштагы татаал сүйлөм маанилери жагынан бирдей даражадагы жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлөт. Анын тутумундагы сүйлөмдөр бири-бирине багынышпайт, өз ара тең укукта болот.

Маани жагынан өз ара катышта, биримдикте болуп, грамматикалык жактан бири-бирине багынбаган тең байланышта турган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн айкалышынан болгон татаал сүйлөмдөр тең байланыштагы татаал сүйлөм деп аталат. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн бөлүктөрү (жөнөкөй сүйлөмдөр) бири-бири менен төмөнкүдөй жолдор аркылуу байланышат: а) интонация; б) байламталар.

Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдоруна карай тең байланыштагы татаал сүйлөм байламтасыз жана байламталуу болуп экиге бөлүнөт.

Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара интонациянын катышы аркасында байланышат. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн мындай түрлөрү байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм деп аталат.

Байламта сөздөр катышкан тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөм деп аталат.

## Тема: Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм, анын түрлөрү

**План:**

1. **Мезгил багыныңкы сүйлөм**
2. **Орун багыныңкы сүйлөм**
3. **Себеп багыныңкы сүйлөм**
4. **Максат багыныңкы сүйлөм**
5. **Шарттуу багыныңкы сүйлөм**
6. **Каршы багыныңкы сүйлөм**
7. **Сыпат багыныңкы сүйлөм**
8. **Салыштырма багыныңкы сүйлөм**
9. **Өлчөм багыныңкы сүйлөм**

*Пайдаланган адабияттар:*


1. *Калдымолдоева А. Багыныччтуу татаал сүйлөмдү окутуу. -Ф.,1971.*
2. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1986.*
3. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
4. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
5. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп,1978.*
6. *Сартбаев К.К. Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдүн синтаксиси. -Ф.,1975.*


Татаал сүйлөмдүн тутумунда жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири мааниси жана грамматикалык табияты жактан экинчиси багыныңкы абалда турса, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм деп аталат. Ал багыныңкы жана баш сүйлөмдөрдөн турат.

Татаал сүйлөмдө ойдун натыйжасын билдирген сүйлөм баш сүйлөм деп аталат.

Баш сүйлөмдөгү ойдун ар түрдүү кырдаалын билдирген сүйлөм багыныңкы сүйлөм деп аталат.

Мааниси жана грамматикалык түзүлүшү боюнча багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү төмөнкүлөр:

1. Мезгил багыныңкы сүйлөм. Мисалы: *Сапарчылыр мейкинге чыкканда,* майдалап кар жааады.
2. Орун багыныңкы сүйлөм. Мисалы: *Билим кайда болсо*, өнөр да ошол жерде болот.
3. Максат багыныңкы сүйлөм. Мисалы: *Нурлан тоого барып келсин үчүн,* энеси кам көрө баштады.
4. Сыпат багыныңкы сүйлөм. Мисалы*: Кош кубаныч жүрөгүн толкутуп,* Кычан түндүн далайына чейин уктабады.
5. Салыштырма багыныңкы сүйлөм. Мисалы: *Тоого чыккан адам алысты көргөндөй,* окуган адам дүйнөнү кең тааныйт
6. Себеп багыныңкы сүйлөм. Мисалы: *Жол тайгак болгондуктан,* Бектемир жай гана бастырып келе жатты.
7. Шарттуу багыныңкы сүйлөм. Мисалы: *Асмандан жамгыр төгүлсө*, чөптүн гүлү ачылат.
8. Карама-каршы багыныңкы сүйлөм. Мисалы*: Ал канчалык аракет кылса да,* минген аты баспай койду.
9. Сан-өлчөм багыныңкы сүйлөм. Мисалы: *Адам канчалык көп окуса,* ал ошончолук көптү билет.

## Тема: Аралаш татаал сүйлөм

**План:**

1. **Аралаш татаал сүйлөм жөнүндө түшүнүк**
2. **Аралаш татаал сүйлөмгө коюлуучу тыныш белгилер**

*Пайдаланган адабияттар:*

1. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*

2. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1978.*
3. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1986.*
4. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
5. *А. Жапаров. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979 .*
6. *Жакыпов Ы. Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси. -Ф.,1968.*

Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн да, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн да касиети болгон татаал сүйлөмдөр аралаш татаал сүйлөм деп аталат. Сүйлөмдүн бул түрү тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдөн түзүлөт.

Аралаш татаал сүйлөмдөр структурасы жактан тең байланыштагы татаал сүйлөмдөргө да, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөргө да окшош болот. Себеби сүйлөмдүн бул түрү тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр менен багыныңкы байланыштагы сүйлөмдөрдүн өз ара айкаштарынан туруп, татаал сүйлөмдүн эки негизги формасынын аралашып кеткен түрү болуп саналат.

Аралаш татаал сүйлөмдүн составындагы ар бир сүйлөм үтүр менен ажыратылат.

## Тема: Сүйлөм мүчөлөрү. Ээ

**План:**

1. **Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү жөнүндө түшүнүк**
2. **Ээ анын грамматикалык түзүлүшү**
3. **Жөнөкөй жана тутумдаш ээ**

*Пайдаланган адабияттар:*

1. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1978.*

2. *А. Жапаров Кыргыз тилинин синтаксиси Ф.,1979.*
3. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе: Мектеп, 1986*
4. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
5. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
6. *Дыйканов К. Кыргыз тилинин көрсөтмө куралдары. -Алматы,1990.*

Сүйлөмдүн тутумунда туруп, кандайдыр бир суроого жооп болуп түшкөн сөздөр сүйлөм мүчөлөрү деп аталат. Сүйлөм мүчөлөрү өз ара синтаксистик байланышта туруп, сүйлөмдүн структуралык бөлүктөрүнүн ортосундагы белгилүү бир синтаксистик катышты билдирет.

Сүйлөм мүчөлөрү сүйлөм ичинде аткарган милдеттерине карай баш мүчөлөр (ээ, баяндооч), айкындооч мүчөлөр (аныктооч, толуктооч, бышыктооч) болуп эки топко бөлүнөт.

Башка сүйлөм мүчөлөрүнө көз каранды болбой, сүйлөмдүн негизин түзгөн мүчөлөр баш мүчөлөр деп аталат. Сүйлөмдүн баш мүчөсү ээ менен баяндоочтон турат.

Грамматикалык жактан сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнө баш ийбеген, сүйлөмдө сөз болуп жаткан нерсени, кубулушту атап көрсөткөн сөз **ээ** деп аталат. Ээнин ар түрдүү белгиси баяндооч аркылуу аныкталат.

Грамматикалык түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана тутумдаш ээ болуп бөлүнөт.

Бир сөздөн турган ээлер жөнөкөй ээ деп аталат.

Синтаксистик жагынан өз ара ажырагыс биримдикте турган бир нече сөздүн айкашы сүйлөмдүн ээси болуп келсе, тутумдаш ээ деп аталат.

## Тема: Ээнин милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү

**План:**

1. **Ээнин милдетин аткаруучу сөз тизмектери**
2. **Атоочтуктардан болгон ээлер**

*Пайдаланган адабияттар:*


1. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1978.*
2. *А. Жапаров Кыргыз тилинин синтаксиси. -Ф.,1979.*
3. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. –Фрунзе:Мектеп, 1986*
4. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. -Б.,1999.*
5. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б., 2000.*
6. *Сартбаев К.К. Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдүн синтаксиси. -Ф.,1975.*


Ээнин милдетин дайыма атооч жөндөмөдөгү зат атооч, ат атоочтор жана затташкан башка сөздөр аткарат; ага ким? эмне? кимдер? эмнелер? деген суроолор берилет.

Сүйлөм тутумунда грамматикалык ээнин милдетин зат атооч жана ат атоочтон башка сөз түркүмдөрү деле аткара берет. Бирок биринчиден, алардын ээнин милдетин аткарышы зат атооч жана ат атоочко караганда алда канча аз колдонулат. Экинчиден, зат атооч жана ат атоочтон башка сөз түркүмдөрү сүйлөм тутумунда ээнин милдетин аткаруу үчүн зат ордуна (зат маанисиде) колдонулушу зарыл. Сүйлөм тутумунда зат ордуна колдонулган сын атоочтор атооч жөндөмөсүндө туруп, ээнин милдетин аткарат. Зат маанисиндеги сан атоочтор ээнин милдетин аткарат. Этиштин кыймыл атоочтук формасы да ээнин милдетин аткарат.

Атоочтук ээлер, кыймыл атоочтук ээлер да мына ошол аткарган синтаксистик милдеттерине жараша заттанып кетет, нерселик мааниде турат.

## Тема: Баяндооч

**План:**

1. **Баяндооч, анын грамматикалык түзүлүшү**
2. **Жөнөкөй жана тутумдаш баяндоочтор**
3. **Баяндоочтун милдетин аткаруучу сөздөр**

*Пайдаланган адабияттар:*


1. *А.Жапаров Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979.*
2. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1986.*
3. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
4. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
5. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе: Мектеп, 1978.*
6. *Иманов А. Кыргыз тили. -Б.,1990.*


Баяндооч грамматикалык жактан сүйлөмдүн ээсине баш ийип, ал билдирген заттын ар кандай белгисин (кыймыл-аракетин, абалын, касиетин, сыпатын, санын, ким, эмне экендигин ж.б.) туюндурат.

Милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарып тургандыгына карай баяндооч этиштик баяндооч жана атоочтук баяндооч болуп бөлүнөт.

Баяндоочтор да бир сөздөн же синтаксистик жактан өз ара ажырагыс биримдикте турган бир нече сөздүн тизмегинен да болушу мүмкүн. Ушуга байланыштуу ал жөнөкөй баяндооч жана тутумдаш баяндооч болуп экиге түргө бөлүнөт.

Бир сөздөн турган баяндоочтор жөнөкөй баяндооч деп аталат.

Синтаксистик жактан өз ара ажырагыс биримдикте турган бир нече сөздүн айкашы баяндоочтук милдетти аткарып турса, тутумдаш баяндооч деп аталат. Сүйлөмдүн баяндоочу

грамматикалык жактан ээге баш ийип, аны жак жана сан боюнча ээрчип байланышат.

Сүйлөмдү уюштурууда баяндоочтун мааниси чоң, анткени ал айтылып жаткан ойду жыйынтыктап турат. Кээде ээ айтылбай калса да, сүйлөм баяндооч аркылуу түзүлө берет. Ошентип, сүйлөмдүн уюткусун түзүүчү грамматикалык негиздин бири – **баяндооч.**

## Тема: Ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлушу

**План:**

1. **Баш мүчөлөрдүн ортосуна сызыкчанын коюлушу**
2. **Баяндоочу заттык маанидеги сын атооч болгон учурдагы сызыкчанын коюлушу**

*Пайдаланган адабияттар:*

1. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1986.*
2. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
3. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
4. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1978.*
5. *Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979.*
6. *Сартбаев К.К. Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдүн синтаксиси. -Ф.,1975.*

Ээ менен баяндоочтун ортосуна, негизинен, төмөнкү учурларда сызыкча коюлат:

1. Ээ менен баяндоочтун милдетин атооч жөндөмөдөгү зат атоочтор аткарса, экөөнүн ортосуна сызыкча коюлат.

2. Ээнин милдетин шилтеме ат атоочтор аткарып, баяндооч атооч жөндөмөдөгү зат атоочтон болсо, экөөнүн ортосуна сызыкча коюлат.

3. Ээнин милдетин заттык маанидеги атоочтук аткарып, баяндоочу атооч жөндөмөдөгү зат атоочтон болсо, экөөнүн ортосуна сызыкча коюлат.

4. Ээ менен баяндоочтун биринин милдетин атооч жөндөмөдөгү зат атооч, экинчисиникин кыймыл атооч аткарса, экөөнүн ортосуна сызыкча коюлат.

5. Ээ да, баяндооч да эсептик сан атоочтон болсо, же баяндоочтун милдетин абстракттуу маанидеги сан атооч аткарса, экөөнүн ортосуна сызыкча коюлат.

6. Баяндоочтун милдетин заттык маанидеги сын атоочтор аткарса, экөөнүн ортосуна сызыкча коюлат.

## Тема: Аныктооч

**План:**

1. **Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү**
2. **Аныктооч, анын грамматикалык түзүлүшү**
3. **Аныктоочтун милдетин аткаруучу сөздөр**
4. **Аныктооч менен аныкталгычтардын маанилик катыштары**

*Пайдаланган адабияттар:*

1. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1986.*
2. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
3. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
4. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе: Мектеп, 1978.*
5. *Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979.*

6. *Үсөналиев С., Өмүралиев Б. Азыркы кыргыз тилинин таблицалары.*

Сүйлөмдүн баш же айкындооч мүчөлөрүн айкындап, алардын ар кандай белгилерин толуктап, тактап турган мүчөлөр айкындооч мүчөлөр деп аталат.

Заттык маанидеги сөздөрдөн турган сүйлөм мүчөсүнө тиешелүү болуп, ал сөз билдирген заттын сапатын, касиетин, санын же бир жакка таандык экендигин көрсөтүүчү айкындооч мүчө аныктооч деп аталат. Аныкталып турган сөз менен дайыма ыкташуу жана таандык байланыш жолу менен байланышып, кандай? кайсы? канча? нече? канчанчы? неченчи? кимдин? эмненин? деген сыяктуу суроолорго жооп берет.

Аныктоочтор да тутумуна карай жөнөкөй аныктооч, тутумдаш аныктооч болуп бөлүнөт.

Жөнөкөй аныктооч бир сөздөн туруп, сүйлөмдүн заттык маанидеги ар кандай мүчөсүнүн сапатын, касиетин, санын билдирет.

Синтаксистик жагынан өз ара ажырагыс биримдикте турган бир нече сөздүн айкалышынан турган аныктооч мүчөлөр тутумдаш аныктооч деп аталат.

## Тема: Толуктооч

**План:**

1. **Толуктооч, анын грамматикалык мааниси**
2. **Жөнөкөй жана тутумдаш толуктоочтор**
3. **Толуктоочтун түрлөрү**

*Пайдаланган адабияттар:*

1. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1986.*
2. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*

3. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
4. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1978.*
5. *Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. -Ф.,1979.*
6. *Иманов А. Кыргыз тили. -Б.,1990.*

Грамматикалык мамиле-катыш жагынан баяндоочко башкарылып, кыймыл-аракет багытталган тике же кыйыр объектини көрсөтүп турган айкындооч мүчөнү толуктооч дейбиз.

Толуктооч сүйлөм тизмегинде кимди? кимге? эмнени? эмнеге? кимде? эмнеде? кимден? эмнеден? ким менен? эмне менен? ким тууралуу? эмне тууралуу? деген суроолорго жооп болуп түшөт.

Толуктооч да тутумуна карай жөнөкөй толуктооч, тутумдаш толуктооч болуп бөлүнөт.

Толуктоочтор маанисине, кыймыл-аракеттин ага кандай мүнөздө багытталгандыгына карай тике толуктооч жана кыйыр толуктооч болуп экиге бөлүнөт.

Баяндооч менен тике байланышып, табыш жөндөмөсүндө турган толуктоочтор тике толуктооч – деп аталат. Мисалы: Акылдуу адам ***отту*** карайт, акылсыз адам ***казанды*** карайт.

Баяндооч менен кыйыр байланышып, барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө туруп, заттык түшүнүктү билдирген толуктоочтор кыйыр толуктоочтор деп аталат. Мисалы: Толгонай өз оюн ***башкармага, райкомго*** айтты.

## Тема: Толуктоочтун милдетин аткаруучу сөздөр

**План:**

1. **Зат атоочтор**
2. **Ат атоочтор**
3. **Сан атоочтор**
4. **Жандоочтор**

*Пайдаланган адабияттар:*


1. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги.- Б.,2000.*
2. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп,1978.*
3. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Ф:Мектеп, 1986.*
4. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
5. *А. Жапаров. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979.*
6. *Жакыпов Ы. Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси. -Ф.,1968.*


1. Зат атооч сөздөр: Жамийла *Даниярды* көз алдына элестетти.

2. Заттык мааниде колдонулган сын атооч сөздөр: Гүлдүн *сарысын* коюп, *кызылын* ал.

3. Ат атооч сөздөр: Акылдууката кетирсе, *өзүн* жемелейт, акмак ката кетирсе*, жолдошун* жемелейт.

4. Сан атооч сөздөр: *Кырк бешке бешти* кошсо, элүү болот.

5. Заттык мааниде турган сырдык сөздөр: Тиги *чиркинди* ары кетирчи.

6. Заттык маанидеги атоочтуктар: Нүсүп *отургандарды* бир карап алды.

7. Толуктоочтун милдетин кыймыл атоочтор да аткарат: Биздин класстын окуучулары спорттук мелдештерде *чуркоону, күрөшүүнү* өз эрежеси менен аткаргандыктан, район тарабынан сыйлыктарды алышты.

8. Бар, жок деген сөздөр заттык мааниде турса, толуктоочтун милдетин аткарат. *Жоктун* да *бары* болот, ачтын да тогу болот.

9. Менен, тууралуу, жөнүндө, көздөй, карай, аркылуу сыяктуу жандоочтор айкаша айтылган сөздөр толуктоочтун милдетин аткарат: *Аман менен Айша* кол кармашып баратты.

## Тема: Бышыктооч

**План:**

1. **Бышыктооч, анын грамматикалык түзүлүшү**
2. **Жөнөкөй жана тутумдаш бышыктоочтор**
3. **Бышыктоочтун түрлөрү**

*Пайдаланган адабияттар:*


1. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп,1978.*
2. *А. Жапаров. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979.*
3. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе: Мектеп,1986.*
4. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
5. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
6. *Дыйканов К. Кыргыз тилинин көрсөтмө куралдары. - Алматы,1990.*


Бышыктооч сүйлөмдүн этиш сөздөн турган мүчөсү менен байланышып келип, ал билдирген кыймыл-аркеттин мүнөзүн, мезгилин, ордун, себебин, максатын, сан-өлчөмүн бышыктап, тактап көрсөтөт. Бышыктооч сөздөр сүйлөм тизмегинде кандай? кантип? кайда? кайсы жерде? кайсы жерден? кайсы жакта? кайсы жакты карай? кандайлыктан? эмне себептүү? канча? канчанчы? деген сыяктуу суроолорго жооп болуп түшөт.

Бышыктоочтор маанисине карай сыпат бышыктооч, орун бышыктооч, себеп бышыктооч, максат бышыктооч, сан-өлчөм бышыктооч, мезгил бышыктооч болуп бөлүнөт.

Бышыкточтор айрым учурларда суроолорго жооп бериши жана жөндөмө мүчөлөрдө турушу жагынан аныктооч менен толуктоочко окшошуп кетет. Мындай окшоштуктарды жаңылбай ажыратып алууда жөндөмөдө турган сөздөрдүн маанисине жана ошол сөздөрдүн кандай суроолорго жооп беришине көңүл буруу керек.

## Тема: Бышыктоочтун милдетин аткаруучу сөздөр

**План:**

1. **Зат атоочтор**
2. **Сын атоочтор**
3. **Сан атоочтор**
4. **Тактоочтор жана чакчылдар**

*Пайдаланган адабияттар:*


1. *А. Жапаров Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979.*
2. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1986.*
3. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
4. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
5. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1978.*
6. *Иманов А. Кыргыз тили. -Б.,1990.*


Бышыктоочтун милдетин жөнөкөй жана татаал формадагы ар кандай сөз түркүмдөрү аткарышат.

Бышыктоочтун милдетин аткаруучу сөздөр:

1. Зат атooч: Зейнеп *Ошто* туруучу.

2. Сын атооч: Мукай казак тилин *жакшы* билет.

3. Сан атоочтор: Аскерлер асманды карай *эки* жолу атышты.

4. Тактооч: *Кечээ* мугалимдердин жыйналышы болду.

5. Чакчылдар: Ажар *чамгарактап* Момунга атырылды.

## Тема: Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү

**План:**

1. **Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, алардын мүнөздүү белгилери**

2. **Бир өңчөй мүчөлөрдүн өз ара байланышуу жолдору**
3. **Бир өңчөй мүчөлөрдө коюлуучу тыныш белгилер**

*Пайдаланган адабияттар:*


1. *А. Жапаров Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979.*
2. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1986.*
3. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
4. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
5. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. -Фрунзе:Мектеп, 1978.*
6. *Сартбаев К.К. Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдүн синтаксиси. -Ф., 1975.*


Бир өңчөй мүчөлөр бирдей суроого жооп берет, бирдей сүйлөм мүчөлөрү болушат, бирдей сөз түркүмүнөн жасалат, бирдей формада келишет. Бир өңчөй мүчөлөр бири-бири менен тең укукта байланышат.

Маанисине жана сүйлөмдөгү аткарган аткарган кызматына карай сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү бир нечеге бөлүнөт:

1. Бир өңчөй ээлер. Мисалы: *Айгүл* менен *Айнур* күндүзү иштеп, кечинде киного барышат.

2. Бир өңчөй баяндоочтор. Мисалы: Ажар арт жагын *карайт, жүгүрөт, шашат.*

3. Бир өңчөй аныктоочтор. Мисалы: Ажардын *сулуу, сүйкүмдүү, ак жуумал* өңүн көрүп, Сабитахун мурунтан эле кызыгып жүрө турган.

4. Бир өңчөй толуктоочтор. Мисалы: *Ага-иниге, жердештерге* салам де, куттуу эне!

5. Бир өңчөй бышыктоочтор. Мисалы*: Жуунуп, таранып*, жумушка баралык.

Бир өңчөй мүчөлөр оозеки кепте сыноо интонациясы менен айтылып, жазууда алардын араларына үтүр коюлат.

**Тема: Грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр**

**План:**

1. **Каратма сөз**
2. **Киринди сөз**
3. **Сырдык сөз**

*Пайдаланган адабияттар:*


1. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
2. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. –Фрунзе: Мектеп, 1978.*
3. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. –Фрунзе: Мектеп, 1986.*
4. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
5. *А. Жапаров. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979.*
6. *Жакыпов Ы. Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси. -Ф.,1968.*


Сүйлөмдө сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара албаган жана алар менен грамматикалык жактан байланышта болбогон сөздөрдүн да болушу мүмкүн. Мындай сөздөр сүйлөмдүн жалпы маанисине гана таандык болот да, айтылып жаткан ойго биреөнүн көңүл буруу же ага карата болгон мамилени же ички сезимди билдирүү үчүн колдонулат.

Бул сөздөргө сүйлөм мүчөлөрү аркылуу суроо берүүгө мүмкүн эмес, ошондуктан алар сүйлөмдүн тигил же бул мүчөсү менен байланышкан жок. Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөргө төмөнкүлөр кирет: каратма сөз, киринди сөз, сырдык сөз.

Биреөгө тике арналып, чакыруу иретинде айтылган сөз каратма сөз деп аталат. Мисалы: *Бектур,* эмнең ооруйт?

Айтылуучу ойдун ар түрдүү кырдаалын билдирген сөздөр же сөз тизмеги кириндиси сөз деп аталат. Мисалы: *Болгондо да,* алыс кеткендей болушту.

Морфологиялык жактан өзүнүн өзгөрбөстүк, уңгу, мүчөгө бөлүнбөстүк абалын толук сактап, синтаксистик жагынан сүйлөмдүн тутумундагы өзүнөн башка сөздөр менен байланышпай, обочолонуп туруу аркылуу адамдын окуяга, көрүнүшкө, затка жана башка нерселерге карата болгон ички ой-сезимин, туюмун, эрктик жана турмуш-салттык мамилесин билдирип турган сөздөрдү сырдык сөздөр дейбиз. Мисалы: *Бали, бали, оп бали*!

## Тема: Төл жана бөтөн сөздөр, аларга коюлуучу тыныш белгилер

**План:**

1. **Төл жана бөтөн сөз**
2. **Бөтөн сөздүн түрлөрү**
3. **Тике сөздүн түрлөрү**
4. **Төл жана бөтөн сөздүн орун тартибине карата тыныш белгилердин коюлушу**

*Пайдаланган адабияттар:*


1. *А. Жапаров. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979.*
2. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. –Фрунзе: Мектеп,1986.*
3. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
4. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
5. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. –Фрунзе: Мектеп, 1978.*
6. *Иманов А. Кыргыз тили. -Б.,1990.*

Сүйлөөчү адамдын өз оюн билдирген сүйлөм төл сөз деп, аны менен байланыш жасап, кимдир бирөөнүн оюн билдирүүчү сүйлөм бөтөн сөз деп аталат.

Бөтөн сөз түзүлүшүнө, төл сөздүн ичинде катышуу өзгөчөлүгүнө жана грамматикалык белгилерине карай тике жана кыйыр сөз болуп экиге бөлүнөт:

1. Башка бирөөнүн сөзү эч бир өзгөртүүсүз берилсе, тике сөз деп аталат.
2. Башка бирөөнүн сөзү сырткы түрү жагынан өзгөрүлүп жалпы мазмуну гана берилсе, кыйыр сөз деп аталат.

Тике сөздүн сүйлөмдөгү орду эркин болот.

1. Тике сөз төл сөздөн кийин келсе, өзүнөн мурда кош чекит коюлат да, баш тамга менен башталып жазылат:
2. Жанболот сүйүнүп кетти: «*Эне, нан алып келдиңби*?»
3. Тике сөз төл сөздөн мурда келсе, өзүнөн кийин сызыкча коюлат: «*Уят өлүмдөн катуу*» - деген макал бар.
4. Тике сөз төл сөздүн ортосуна келсе, тике сөздөн мурда кош чекит, кийин үтүр жана сызыкча коюлат: Элде: «*Эр эмгегин жер жебейт»,*- деген сөз бар.
5. Тескерисинче, төл сөз тике сөздүн ортосунда келсе, төл сөздүн эки жагына үтүр жана сызыкча коюлат: «Биз, - деди Шамбет, - *эмгек менен өлкөнү гүлдөттүк*».

## Тема: Кыргыз тилиндеги тыныш белгилердин колдонулушу

**План:**

1. **Жазууда тыныш белгилердин колдонулуш мааниси**
2. **Тыныш белгилери жана аларды коюунун эрежелери**

*Пайдаланган адабияттар:*

1. *А.Жапаров Кыргыз тилинин синтаксиси. - Ф.,1979.*
2. *Абдулдаев А., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А. Кыргыз тили. -Фрунзе: Мектеп, 1986.*

3. *Өмүралиев Б. Кыргыз тили. 2-бөлүк. Синтаксис. - Б.,1999.*
4. *Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. - Б.,2000.*
5. *Жакыпов Ы., Майрыков Д., Өмүралиев Б., Үсөналиев С. Кыргыз тили. –Фрунзе: Мектеп, 1978.*
6. *Жакыпов Ы. Жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси менен пунктуацияны окутуу. -Ф.,1968.*

Тыныш белгилерди туура коё билүүнү үйрөтүүчү илим пунктуация деп аталат.

Кыргыз тилиндеги тыныш белгилерди туура коюу үчүн төмөндөгүдөй үч принципти жетекчиликке алабыз: а) айтылуучу ойдун маанисин; б) грамматикалык эрежелерди; в) кептин интонациясын.

Жазылган ой ар бир сабаттуу адамга ачык, так, толук түшүнүктүү болсун үчүн жана анын маанисине тез, туура түшүнүү үчүн, жазууда ар түрдүү тыныш белгилери колдонулат. Ошондуктан ар бир сабаттуу адам - тилдин грамматикасынын жазуу эрежелерин толук, туура өздөштүрүүгө милдеттүү.

Азыркы кыргыз тилинде колдонулуп жүргөн тыныш белгилери: чекит, суроо белгиси, илеп белгиси, көп чекит, үтүр, үтүрлүү чекит, кош чекит, сызыкча, кашаа, тырмакча.

Чекит (.)
Суроо белгиси (?)
Илеп белгиси (!)
Көп чекит (…)
Үтүр (,)
Үтүрлүү чекит (;)
Кош чекит (:)
Сызыкча (-)
Каша ( )
Тырмакча(« »)

## Тема: Сөз айкашынын байланышуу жолдору

**Негизги суроолор:**

1. Ыкташуу байланышы
2. Башкаруу байланышы
3. Ээрчишүү байланышы
4. Таандык байланышы

**Кошумча берилүүчү суроолор жана тапшырмалар**

1. Сөз айкашы жөнүндө сенин түшүнүгүң?
2. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышуу жолдорун айтып бер.
3. Тең жана багыныңкы байланыштарга мисал келтир.
4. Багыныңкы жана багындыруучу түгөйлөр жөнүндө айтып бер.
5. Этиштик сөз айкашына мисал келтир.
6. Атоочтук сөз айкашына мисал келтир.
7. Этиштик сөз айкашындагы жандоочторго мисал келтир.

**Бышыктоо үчүн көнүгүүлөр:**

**1-көнүгүү**. Ыкташуу байланышындагы сөздөрдү таап көчүрүп жазгыла. Негизги жана багыныңкы сөздөр кайсы сөз түркүмүнөн экендигин аныктагыла.

1. Keминден Таласка чейин жай айларында аралаган адам самаганын бардыгын көрөт: ыргалган эгиндер, бийик-бийик үйлөр, короо-короо койлор, үйүр-үйүр жылкылар, тунук булактар, көйкөлгөн көк шибер жана башкалар (Н.Б.).

2. Жайнагым акыл-эстүү жигит болду. Жаңы заманда тилегибизге жетип, үч уулдуу болдук. Сен анда баралыңа жетип, толуп турган күчтүү аял элең. Жумушту да жаштардан калышпай, кыйын иштөөчүсүң. Ар дайым ниетим жакшы болчу (Ч.А.).

**2-көнүгүү**. Кашаанын ичиндеги сөздөргө жөндөмө мүчөлөрдү улагыла же жандоочторду пайдалангыла, байланыштын кайсы түрүнө кирерин аныктагыла.

(Кырман) келүү, (жумуш) баруу, (кийим) тазалоо, (жайлоо) болуу, (энелер) урматтоо, (лыжа) жүрүү, (мекен) кызмат кылуу, (жазуучулар) кезигишүү, (тартип) ойлонуу, (шаар) жол тартуу, (телефон) сүйлөшүү, (мелдеш) катышуу, (суу) сүзүү, (классташтар) жардамдашуу, сабак (даярдануу), шаар (баруу), тынчтык (сактоо), сабак (кечикпөө), Ата-Журт (коргоо).

**3-көнүгүү.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү жөндөмө жана таандык мүчөлөрдү коюп жазгыла, байланыштарын аныктагыла.

1. Жүрүшкө катышуучу жаштар… ар бир… лыжада жүрүштү жакшы үйрөнүштү. Алар… баары… кыйынчылыкты жеңсек дешет. Бүгүн асман ачык. Жүрүш… катышуучулар… жолду арбытууда (Т.С.).

2. Дайра… көрк… - кемеде,
Бала… көрк… - энеде.
Акыл айтсаң тыңшабай,
Акмак… көрк – жемеде (Т.).

4-**көнүгүү**. Атоочтук жана этиштик сөз айкаштарын тапкыла да, алардагы негизги сөздөрдү аныктагыла. Негизги сөз кайсы сөз түркүмүнөн болду? Туруктуу сөз айкаштарынын түзүлүшү кандай?

Кырааты менен сүйлөө, жасалма жибек, жакшы адаттарга калыптануу, жайлоодон түшүү, жайлоонун гүлү, башына чөп сындыруу, даңкы таш жаруу, кара чыйырчыкка уя салуу, кара сур келин, кара көз кыз, үйүр-үйүр жылкы, жүгөрүдөй сапсары, аскадай бийик, суудан кургак чыгуу, эт менен челдин ортосунда, ырдагандардын ар бири, накыл сөз, жасап сүйлөө.

## Тема: Жөнөкөй сүйлөм

**Негизги суроолор:**

1. Бир тутумдуу сүйлөмдөр
2. Эки тутумдуу сүйлөмдөр
3. Жалаң сүйлөм
4. Жайылма сүйлөм

**Кошумча берилүүчү суроолор жана тапшырмалар**

1. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрүн аныктагыла.
2. Жөнөкөй сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү кандай болот?
3. Жалаң сүйлөм түзгүлө.
4. Жайылма сүйлөмдүн түзүлүшү.
5. Сүйлөмдүн интонациясы жазууда эмнеге көз каранды?

**Бышыктоо үчүн көнүгүүлөр:**

**1-көнүгүү.** Жалаң жана жайылма сүйлөмдөрдү тапкыла.

1. Күз болду. Зууракан кызылчасын казды. Түшүм мол болду. Ошентип, арык жерди Зууракандын эмгеги жеңди. Эл кубанды. Атак-даңк эмгекте экенин байкашты. Убада аткарылды. Зууракан өз эмгеги менен элге таанылды. Көкүрөгүндө орден, медалдар жаркырады (К.Б.).

2. Мен үчүнчү шар жасадым. Анда өзүм учууну туура таптым. Шар асманга көтөрүлдү. Бир аздан кийин жер алыстагандан алыстай берди. Эч нерсе көрүнбөй калды. Мен бийиктеп учуп бара жатам. Түн кирди (К.Э.).

**2-көнүгүү**. Сүйлөмдүн маанисин чечмелегиле жана грамматикалык негизин кайсы мүчөлөр түзгөндүгүн айтып бергиле.

1. Токтоолук мыкты сапат, бирок көңүл кош болуу жарабайт.

2. Адилет сөз ар качан жөнөкөй келет.

3. Эл – мазар, элден азган – азар.

4. Сөз атасы – кулак, суу атасы - булак.

5. Жакшы жар - жайнаган дөөлөт, жаман жар – жабышкан мээнет.

6. Аким болуш оңой, адам болуш кыйын.

7. Тил - акыл таразасы, тил – жүрөктүн ачкычы.

**3- көнүгүү**. Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Баарысы жорго шамдагай, балдары сонун кыргыздын.

2. Четке кагып зар-муңду, Ала-Тоо бүгүн кулпунду!

3. Алтынайды узатып турган жерин тартсамбы? Эмне үчүн сүрөтчү болуп туулдум экен? Тарткан сүрөтүм кандай болот? Мен билбеймин… Мен талыкпай изденем. Албетте, менин бул эмгегим биздин айылдын биринчи мугалими Дүйшөн аксакалга арналат (Ч.А.).

## Тема: Татаал сүйлөм

**Негизги суроолор:**

1. Татаал сүйлөм жөнүндөгү түшүнүк жана анын маанилик грамматикалык жактан өзгөчөлүгү
2. Татаал сүйлөмдүн түрлөрү
3. Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара байланышуу жолдору

**Кошумча берилүүчү суроолор жана тапшырмалар**

1. Татаал сүйлөм деген эмне?

2. Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөргө кандай тыныш белгилери коюлат?

3. Татаал сүйлөмдөргө альтернативдүү эреже ойлоп тапкыла.

4. Тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн маанилик катышына жана байланышуу жолдоруна карай татаал сүйлөм канчага бөлүнөт?

5. Татаал сүйлөмдүн кадай түрлөрү бар?

**Бышыктоо үчүн көнүгүүлөр:**

**1-көнүгүү.** Көчүрүп жазгылып, тиешелүү тыныш белгилерди койгула.

1. Жаман жолдош жоого алдырат жаман сөз доого калтырат. 2. Адамзатты сөз бузат тоону ташты сел бузат. 3. Укпайт деп ушак айтпа көрбөйт деп уурулук кылба. 4. Акыл жугушат бакыт оошот (Макал). 5. Павел сизге салам айтты анын саламаттыгы эң жакшы көңүлү куунак (М.Г.). 6. Күн өттү ай өттү кыш түштү турмуш кыйындады. 7. Жагууга отун кийүүгө кийим керек болду бирок аларды кайдан табуу керек? (К.Б.).

**2-көнүгүү**. Татаал сүйлөмдөрдү жөнөкөй сүйлөмдөргө айлантып кайрадан түзгүлө. Алардын баш мүчөлөрүн тапкыла.

1. Айыл арасында күндөгүдөй кыймыл жок, ар ким өз короо-жайында (Т.С.). 2. Кызыл Армия мени гана өлүмдөн куткарган жок, ал бүтүн элимди куткарды. 3. Айтике Жапарды менин колуман ала койгондо, Уулбаланын көзү аянычтуу көрүндү (А.Т.). 4. Кыш узак болгондуктан, Ызакул беденин бир боосуна да кол тийгизген эмес (Ш.Б.). 5. Анархан баласына жаңы көйнөктү кийгизип жатканда, тыштан Дарияхан кирип келди (К.Ж.). Мен сага бир нускалуу окуя айтып берейин, сен угуп тур, балам (Н.Б.).

**3-көнүгүү**. Сүйлөмдү көчүрүп жазгыла. Түзүлүшү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Аргымак мойнун ок кесет, азамат мойнун жок кесет. 2. Ат тойгон жерине качат, азамат туулган жерине шашат (Макал). 3. Быйылкы жыл жакшы жыл болду го. 4. Кар кетти, соко чыгарылды (Т.С.). 5. Ушинтип, Касымды жөнөтүп, турган эл баарыбыз коштоштук. 6. Андай учурда адам сөз да таппай калат окшойт, биз унчукпай келе жаттык (Ч.А.). 7. Талаанын шамалы жыттанган кабинага кирип бардым, мени креслого отургузушту (Ю.Г.).

## Тема: Тең байланыштагы татаал сүйлөм, анын бөлүнүшү

**Негизги суроолор:**

1. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү.
2. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору.
3. Байламтасыз жана байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр.

**Кошумча берилүүчү суроолор жана тапшырмалар**

1. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн грамматикалык бөтөнчөлүктөрү жана тыныш белгилери
2. Тең байланыштагы татаал сүйлөм деп эмнени айтабыз?
3. Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдө үтүр белгисинин колдонулбай калышы.

**Бышыктоо үчүн көнүгүүлөр:**

**1-көнүгүү.** Сүйлөмдү төмөнкүдөй тартипте көчүргүлө: 1. жөнөкөй сүйлөм; 2. интонация аркылуу байланышкан татаал сүйлөм; 3. байламта аркылуу байланышкан татаал сүйлөм.

Өткөн күздө колхоздон мага телеграмма келди. Мектептин имараты салынып бүтүптүр да, айылдагылар мени анын ачылышына чакырыптыр. Айылга бардым. Шаардан чакыргандардан академик Сулайманова да келди, ал ошондо элүүлөргө барып калган экен. Мен бул кишинин жөнөкөйлүгүнө, адамгерчилигине таң калдым.

Жыйналыштын аягында пионерлер анын мойнуна Кызыл жагоо тагышты жана жаңы мектептин ардак китебине анын ысымын биринчи жазышты. Алтынай Сулайманова мындайды күтпөгөн болуу керек, сүйүнгөнүнөн эмне кылаарын билбей, көзүнөн жаш алды (Ч.А.).

**2-көнүгүү**. Көп чекитттин ордуна мааниси жагынан ылайык келүүчү сүйлөмдөрдү ойлоп таап, тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү түзгүлө.

1. Бүгүн күн чайыттай ачык ... 2. Бул сүрөт мен үчүн дүйнөдө эң кымбаттуу зат, анткени ... 3. ... бир аздан кийин ай көтөрүлдү.

4. Турмуш өзү сонун турбайбы ... 5. ... көл жактан муздак жел келүүдө. 6. Баатыр кол баштайт ... 7. ... ал жакында келем дептир.

8. ... командада финишке жакындады. 9. Саякат аяктады да, ...

**3-көнүгүү.** Тең байланыштагы татаал сүйлөмдү катыштырып, чакан аңгеме жазгыла.

## Тема: Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм, анын түрлөрү

**Негизги суроолор:**

1. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм, анын тең байланыштагы татаал сүйлөмдөн болгон бөтөнчөлүгү.
2. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрү.
3. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн түрлөрү.
4. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдө коюлуучу тыныш белгилер
5. Көп багыныңкы татаал сүйлөм, анын тыныш белгилери.

**Кошумча берилүүчү суроолор жана тапшырмалар**

1. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм жөнүндө түшүнүгүңдү айтып бер.
2. Багыныңкы сүйлөмдүн сүйлөмдөгү орду кандай?
3. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдө кандай тыныш белгилер коюлат?

4. Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү боюнча маалымат бергиле.

**Бышыктоо үчүн көнүгүүлөр:**

**1-көнүгүү.** Көчүргүлө, багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү боюнча аныктагыла.

1. Жамгыр болбой, дан болбойт. Тегирмен болбой, нан болбойт (Макал). 2. Алыстан зоо жаңырып, укмуштуу добуш угулат (Т.С.). 3. Мурутум, чачым алынбай, мусапыр болдум момундай (Т.). 4. Бир маалда маралдар, моюн толгоп, бурулуп жөнөй берди. 5. Дуу жарылган күлкүгө суу да дуу жарылып, күмүштөй чачырандылар бүркүлдү. 6. Жамийланын кирпиктерине жаш мөлтүрөп, каректери жылтыдайт (Ч.А.). 7. Жолдошторум келбей, машыгууга барбай калдым («ЛЖ»). 8. Уялганына чыдабай, ал кыпкызыл болуп кетти («КМ»).

**2-көнүгүү**. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү таап, алардын баяндоочтору кандай формада экендигин көрсөткүлө. Көчүрүп жазып, тыныш белгисин койгула.

1. Арыктын боюна келип отурдум. Жол чаңдаткан машиналар кызылды кырманга ташып жатышты. Жанболот мени кучактаганда Бекташ бырс күлүп жиберди (Ч.А.). 2. Кара жер астын-үстүн болсо да душманга моюн суна албайм («Курманбек»). 3. Мен сиз жаман көрсөңүз камбайнер болгум келет («ЖЛ). 4. Ааламга алтын нурун чачып күн да чыкты. Алдыдан ажал чыкса да артты көздөй качпагыла (К.Ж.). 5. Шаар ичин электр жарыгын бөлөгөндүктөн айлана күзгүдөй жарык (М.Ж.).

**3-көнүгүү**. Сүйлөмдү мааниси жана түзүлүшү жагынан салыштырып, сүйлөмдөрдүн ортосундагы айырмачылыкты белгилегиле.

1. Айлана көзгө сайса көрүнгүс (К.Б.). 2. Дагы эшик ачылды, чоң сакал Дмитрий үй-бүлөсү менен келди (Т.С.). 3. Кыйкырган Кыргыл кары бар, кыраанды Бакай кары бар («Манас»). 4. Эгерде басмачынын шеги билинсе, ок чыгаргыла

(А.Т.). 5. Эгин өз убагы менен айдалса, аба-ырайы түзүк болсо, түшүм мол болот (К.Ж.). 6. Биздин өлкөдө үй-бүлөнүн гүлдөшү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн («СК»).

## Тема: Аралаш татаал сүйлөм

**Негизги суроолор:**

1. Аралаш татаал сүйлөм, анын грамматикалык өзгөчөлүгү.
2. Аралаш татаал сүйлөмдүн окшоштугу.
3. Аралаш татаал сүйлөм, анын тыныш белгилери.

**Кошумча берилүүчү суроолор жана тапшырмалар**

1. Аралаш татаал сүйлөдүн түзүлүшүнө карап альтернативдүү эреже ойлонгула.
2. Аралаш татаал сүйлөмдүн тутумундагы сүйлөмдөр бири-бири менен кандайча байланышат?
3. Татаал сүйлөмдүн түзүлүшү жана түрлөрү боюнча айтып бер.

**Бышыктоо үчүн көнүгүүлөр:**

**1-көнүгүү.** Татаал сүйлөмдү таап, түрлөрү боюнча аныктагыла. Көчүрүп жазып, тыныш белгисин койгула.

1. Согуш чыкпаганда, Субанкул менен Касым канча эгин өстүрөт эле өздөрү да дүйнөнүн канча ыракатына ээ болушар эле! Согуштун болушуна мен макул эмесмин. Адам баласы бири-бирине залал келтирбей, тынчтыкта жашай албайбы? Айтчы чыныңды, сырдаш талаам. Мына мен жермин мен бардык адам баласына теңмин. Айдоого бир дан таштасаңар жүз дан болуп берем. Чырпык сайсаңар чынар болуп берем. Мага чатагыңардын кереги жок.

Согуштун залалын мен тартпайт дйсиңерби. Майданда курман болгон дыйкандардын эмгегин сагынам кырман өз убагында бастырылбай жатканда аларды чакырам (Ч.А.).

**2-көнүгүү.** Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара байланышуу жолдорун аныкта.

1. Чынар, Ажар баштаган пахтаны тоодой-тоодой үйүп жиберишти, силер да жаштардан калышпагыла. 2. Карылык күчтү кетирсе да, кайратты кетире албайт эмеспи. 3. Сенден жакшылыкты көп көргөндүгүм үчүн келип отурам (Ж.Б.). 4. Биз жаткан убакта, киречилер кеткендей болду. 5. Кийинки жылы Элебес мени Василий деген байга малайлыкка берди, уй кайтарам. 6. Биз аттанганда асман бүркөлүп, күн салкындап турган, анткени көптөн бери күн жаай элек эле (М.Э.). 7. Замандын чебер усталары тургузган эстеликти көргөндөй, мугалимдер ташты макташты (Т.С.).

**3-көнүгүү**. Аралаш татаал сүйлөмдү таап, көчүрүп жазгыла. Сүйлөм түзүлүшү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Бүгүн жүрүш кызуу болгондуктан, алтоо тең чарчоону сезбеди, көңүлдөрү көтөрүңкү. Сапарчылар мейкинге чыкканда, майдалап каар жаады. Азыр айдоонун үстү тегиз агарды (Т.С.). 2. Токтогул Алымкандын айылына барганда, чак түш эле. Токтогул күү чертип, ырдап отурду. Күн батты, асманда сансыз жылдыздар каптаганда, Токтогул отурган үйдүн ичи да, тышы да жык толду. Токтогул түндүн жарымына чейин ырдады. Акындын ыры ушунчалык кызыктуу болгондуктан, эч ким үргүлөп да койгон жок (Ж.К.). 3. Кээде ишим оңунан чыкпай, көңүлүм иренжип өз күчүмө күмөн санаган оор учурлар да болот (Ч.А.).

## Тема: Ээ, анын түзүлүшү

**Негизги суроолор:**

1. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү кайсылар?
2. Ээнин грамматикалык белгилери
3. Ээнин милдетин аткаруучу сөздөр
4. Жөнөкөй жана тутумдаш ээ, алардын жазылышы

**Кошумча берилүүчү суроолор жана тапшырмалар**

1. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү кайсылар?
2. Жөнөкөй ээ деп эмнени айтабыз?
3. Тутумдаш ээ деп эмнени айтабыз?
4. Сүйлөмдүн ар кайсы позициясында келгенин катыштырып сүйлөм түзгүлө

**Бышыктоо үчүн көнүгүүлөр:**

**1-көнүгүү**. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн тапкыла. Ээнин милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарды?

1. Шамбеттин демилгеси ишти кызытат (Т.С.). 2. Биз эми кырманга баралы (К.Б.). Биздин партизандык отрядга полковник Калашников жетекчилик кылар эле (С.К.). 4. Тамактан кийин Элебес аярдабай аттанып кетти. 5. Бир аздан кийин ай көтөрүлдү. 6. Терезеден тийген айдын шооласы үйдүн ичин жаркыратып жиберди (М.Э.). 7. Билим алуу ийне менен кудук казгандай (Макал). 8. Турмуш өзү сонун турбайбы! («СК»). 9. Беш жерде беш - жыйырма беш.

**2-көнүгүү**. Сүйлөмдөрдөгү жөнөкөй жана тутумдаш ээлерди таап, бөлүп жазгыла.

1. Бектурган бүгүнкүдөй бактылуу болгон эмес (А.Т.). 2. Бул биздин көптөн берки жашыруун сырыбыз эле (М.Э.). 3. Кулагы чуулдап, бүткөн бою муздагансып, болор-болбос солкулдоо пайда боло баштады («ЛЖ»).

4. Экөө тең токойго кетет (Л.Т.). 5. Силер кажыбас кайратыңыздар менен эмгек кылдыңыздар (К.Б.). 6. Карап тургандар чочуп кетишти (К.Ж.). Узак жолдо карыя менен жолдош болдук. Анын сыйда бурул сакалы тараза боюна атайлап жасап койгондой эле. Жолоочуга эмнелер жолукпайт. Добулдуу нөшөргө дуушар болдук (А.Т.).

**3-көнүгүү**. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн тапкыла. Кайсы жөндөмөдө турарын аныктагыла.

1. Кийинки күндөрдө Акмат Каныбекке орусча тамгаларды үйрөтүп койду (К.Ж.). 2. Эх Чиркин, бүгүнкүбүз кандай

жакшы, бүгүнкүдөн эртеңкибиз ырахаттуу (А.О.). 3. Биз Каркырага келип жеттик (М.Э.). 4. Анда отургандар шаарга окууга бараткан жаштар болсо керек эле (Т.С.). 5. Кана жигиттер, ким барат? (Ж.Б.). 6. Мага эки жүз жетет эле («СК»). 7. Экөөңөр тең абийирдүү жигиттер экенсиңер (Н.Б.). Эгин ташуу кыйын эмес болуучу (Ч.А.). 9. Улуу Октябрь социалисттик революциясы кыргыз элин бакытка бөлөдү («ЖЛ»).

## Тема: Баяндооч, анын касиети

**Негизги суроолор:**

1. Баяндооч, анын грамматикалык белгилери
2. Баяндоочтун милдетин аткаруучу сөздөр
3. Баяндоочтун түзүлүшүнө карай бөлүнүшү
4. Тутумдаш баяндоочтордун жазылышы
5. Баяндоочтун сүйлөмдөгү орду
6. Ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлушу

**Кошумча берилүүчү суроолор жана тапшырмалар**

1. Жөнөкөй баяндооч менен тутумдаш баяндоочтун айырмачылыгын айтып бергиле
2. Баяндоочтун милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарат?
3. Баш мүчөлөрдүн ортосуна сызыкча кайсы учурда коюлат?
4. Ээ менен баяндоочтун ээрчишүүсү

**Бышыктоо үчүн көнүгүүлөр:**

**1-көнүгүү**. Көчүрүп жазгыла. Баяндоочту таап, анын түзүлүшүн аныктагыла жана кайсы сөз түркүмүнөн экендигин айтып бергиле. Кайсы сүйлөмдө баяндооч ээ менен ээрчишип турат?

1. Мен болсом окууга жөнөдүм (Ч.А.). 2. Енисей дарыясы аркылуу карагайлар агызылат («СК»). 3. Берки катардагы кыз – Мыскалжан деген (Т.С.). 4. Жакшынын сөзү ташка тамга

баскандай (Макал). 5. Мактанчаактын эне сүтү оозуна татыды. 6. Көлгө барганда алыстан пароходдор көрүндү («ЖЛ»).

**2-көнүгүү**. Этиштик баяндоочту таап, анын формасын көрсөткүлө. Баяндоочту үч чакка келтирип, ээ менен бирдикте көчүрүп жазгыла.

1. Өткөндүн тарыхын жаштар угушсун. 2. Совет өкмөтү ар бир адамга тең укук алып берди. 3. Алар айылга электр станциясын куруп жатышат. 4. Быйыл ар бир үйдө өчпөс шам жагылат («МГ»). 5. Ленин бардык ишти үлгүлүү иштеген. 6. Ага биз суктанып жатабыз («МГ»).

*Үлгү: балдар окушкан, балдар окуп жатышат, балдар окушат.*

**3-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, сүйлөм мүчөлөрү боюнча синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

1. Революция жараткан Дүйшөндөр дале биздин катарыбызда. Эгерде биз баарыбыз, Дүйшөндөй эле болсок, аң-сезимибиздеги коммунизм – алда качанкы болор иш. 2. Мен Табалдынын колунда калдым. Табылды – атамдын бир тууган иниси. (К.Б.). 3. Жалкоонун шылтоосу көп. Сабырдын түбү – сары алтын (Макал). 4. Өрдөктөр үчөө: бири-соно, бири - чүрөк, бири – темир канат балапан (К.Ж.).

## Тема: Баш мүчөлөр боюнча талдоо жүргүзүү үчүн көнүгүүлөр менен иштөө

**1-көнүгүү**. Тыныш белгисин коюп, көчүрүп жазгыла. Сөз түркүмдөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Өз аты Марусия орус кызы (Т.С). 2. Коркоктук кылуу душманга коюн ачкандык (К.Ж.). 3. Советтик адамдардын милдети коомдун жыргалчылыгы үчүн эмгек кылуу («ЛЖ»). 4. Булар укмуштуудай бактылуу кишилер эле (Ч.А.). 5. Мен совет өкмөтүнүн ак ниеттүү адамымын (К.К.).

**2-көнүгүү**. Көп чекиттин ордуна тиешелүү тамгаларды коюп, көчүрүп жазгыла. Сөздөрдүн тура жазылышын сөздүк боюнча текшергиле жана сөз айкашына синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

Р…петицияга катышуу, конферен…ияга баруу тилчилердин конгр..си, сөз..үз баруу, туз.. уз бышыруу, ча..туу кыз, кылыч..ан жоокер, тү..кү сугат, лаб..раториялык иш.

**3-көнүгүү**. Сүйлөмдөрдөгү ээнин түзүлүшүн айтып бергиле.

1. Фрунзе – учкан уям, сүйгөн калаам (А.О.). 2. Туура-Суу жайлоосу малга жайлуу («ЛЖ»). 3. Ичи ооруган күлкү сүйбөйт (Макал). 4. Сборго канча пионер катышты? 5. Талант болсо үй тапшырмасын жазып отурат. («ЛЖ») 6. Аке, койлор өзү үрктүбү? (Т.С.). 7. Ак куу, кашкалдактарды көлдүн айланасынан кезиктиребиз. 8. Улуу октябрь социалисттик революциясы тарыхта биринчи жолу эркиндикти алып берди («СК»).

**4-көнүгүү.** Баяндоочторду түзүлүшү боюнча аныктагыла. Кайсы сөз түркүмдөрүнөн түзүлдү. Ээси менен кандай байланышканын көрсөткүлө.

1. Уят – өлүмдөн катуу. Ырыскыны жер берет, ынтымакты эл сүйөт. Коркокко бир ок да көп, баатырга жүз ок да аз. Дөөлөт тоголок, мээнет жалпак. Талаанын көркү мал менен, калаанын көркү эл менен (Макал). 2. Дал ушул учурда Чолпонбай чыгыш жакты карады. Алда кайда Ала-Тоо карап тургансыйт. Калдайган кыргыз эли талкала жоону дегендей кол булгалагансыйт. «Душманга башын ийбеген баатырлардын тукуму – мен», – деп көз ачып-жумганча Чолпонбай дзоттун оозун жүрөгү менен басты (К.Ж.).

**5-көнүгүү**. «Мекеним – Кыргызстан» деген темада эссе жазгыла.

## Тема: Аныктооч, анын грамматикалык белгилери

**Негизги суроолор:**

1. Айкындооч мүчөлөр
2. Аныктоочтун милдетин аткаруучу сөз түркүмдөр
3. Жөнөкөй жана тутумдаш аныктоочтор
4. Аныктоочтун бышыктооч менен окшош жана айырмалуу жактары

**Кошумча берилүүчү суроолор жана тапшырмалар**

1. Аныктоочко альтернативдүү аныктама ойлонгула
2. Аныктооч түзүлүшүнө карай канчага бөлүнөт?
3. Аныктоочтун милдеттин кайсы сөздөр аткарат, мисал менен далилдегиле.
4. Жандама мүчө деген эмне?

**Бышыктоо үчүн көнүгүүлөр:**

**1-көнүгүү**. Көчүргүлө. Аныктоочту тапкыла. Алар кайсы сөз түркүмүнөн экендигин айтып бергиле.

1. Бийик тоону жанынан көр, башына чыкпа (Макал). 2. Чап жаак Чаргын өйдө тура калып, кымызды чайкай баштады. 3. Макиштин агасы уста Сергей – жашы отузга жете элек, мүчөлүү жигит. 4. Чаргын чап жаак тигил Шамбеттерди тамашалайт. 5. Акылдуу кептин ээси Акман акем келди. 6. Дмитрий чоң сакал баштагыдай жайкалбайт (Т.С.). 7. Партиянын жана Совет өкмөтүнүн башкы милдети коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүдө турат («СК»).

**2-көнүгүү**. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Каныш эне Микола - аскерди ушинтип торолткон (Т.С.). 2. Ушинтип, академик Сулайманова Москвага жөнөп кетти (Ч.А.). 3. Айдарбек датканa, Сооронбай болушуңа салам айта бар (К.Ж.). 4. Шакир уста биздин колхоздо көптөн бери иштейт. 5. Жутабай карыя элдин алдында шашып сүйлөдү (К.Б.). 6. Советтик учкуч - космонавттар космосту терең изилдеп жатышат («СК»).

**3-көнүгүү**. «Биздин айыл» деген темада сүрөттөө мүнөзүндөгү дилбаян жазып келгиле.

## Тема: Сүйлөмдүн толуктооч мүчөлөрү

**Негизги суроолор:**

1. Толуктооч, анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү.
2. Толуктоочтун түзүлүшүнө карай бөлүнүшү.
3. Тике толуктооч.
4. Тике толуктоочтун атооч жөндөмөсүндө колдонушу.
5. Кыйыр толуктооч.

**Кошумча берилүүчү суроолор жана тапшырмалар**

1. Толуктооч менен баяндоочтун ортосунда кандай байланыш бар?

2. Тутумдаш толуктооч кандай сөз тизмектеринен түзүлөт, мисал келтиргиле

3. Толуктоочтор сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрүн толуктап турат?

**Бышыктоо үчүн көнүгүүлөр:**

**1-көнүгүү**. Көчүрүп жазып, толуктоочторду тапкыла. Түзүлүшүнө карай ажыратып, толуктоочтор эмнени толуктап тургандыгын байкагыла.

1. Мито малекеттик чек арадан алыс эмес жердеги кыштакта турчу. Бир күнү Мито эч нерсеге көңүл бурбастан, башка иштеп жаткан эле. 2. Командир дароо чечим чыгарып, ар кимге айкын тапшырма берди. 3. Офицер баланын ата-энесин чоң сыйлык менен сыйлады («ЛЖ»). 4. Мен туулуп-өскөн айылыма ыраазымын. 5. Биринчи катында Майсалбек өз курбу-курдаштары менен бирге армияга чакырылдым деп жазыптыр (Ч.А.). 6. Балдар биз менен кошулуп, «Интернационалды» ырдашты.

**2-көнүгүү**. Сүйлөмгө баш жана айкындооч (аныктооч, толуктооч) мүчөлөр боюнча синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

1. Тоо жеринде иңирдин киришине зарыкпайсың, күн батты дегиче, иңирдин киргени ошол (Т.С.). 2. Алыс жол атты сынайт, оор жол эрди сынайт. 3. Булуттан чыккан күн ачуу, жамандан чыккан сөз ачуу (Макал) .4. Дүйшөн экөөбүз тоо менен айылдын ортосундагы басып өткөн жолубуз табылар (Ч.А.). 5. Баканын өзү чөлдө болсо, көзү көлдө (Макал). 6. Канныш чоочун орус аялынын эмнени айтканын толук түшүнө албады (Т.С.).

**3-көнүгүү**. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, кыйыр толуктоочтордун алдын сызгыла. Кайсы жөндөмөдө тургандыгын айтып бергиле.

1**.** Өзүбүздүн күчүбүздү жана колдо болгон мүмкүнчүлүгүбүздү аябай, алган милдеттенмебизди аткаралы. 2. Берерге бешимде кымыз, бербеске эртең менен саамал (Макал). 3. Айылдагы кабарды Дүйшөндөн билебиз. 4. Жапар жөнүндө маектешип келе жаткан тигил экөө кинотеатрга бурулду. 5. Болотбек Узакка колун берип, сөзүнүн жай-жөнүн айтты. 6. Суу – жерге, билим – элге (Макал). 7. Кыңарыкта кың жок, ыңырчакта сын жок (Макал). 8. Бул курулуштарга ким жетекчилик кылат. 9. Жашка ажал келбес болсочу, жакшы адам өлбөс болсочу (Т.).

## Тема: Сүйлөмдүн бышыктооч мүчөлөрү

**Негизги суроолор:**

1. Бышыктооч, анын сүйлөм мүчөсү катары мүнөздөмөсү
2. Бышыктооч, анын грамматикалык түзүлүшү
3. Жөнөкөй жана тутумдаш бышыктоочтор
4. Кош жана кошмок сөз тибиндеги тутумдаш бышыктоочтордун жазылышы

**Кошумча берилүүчү суроолор жана тапшырмалар**

1. Бышыктоочтун маанилик түрлөрү

2. Бышыктоочтун милдетин аткаруучу сөз тизмектери

3. Чакчыл түрмөктөрдүн бышыктоочтук милдетти аткарышы

4. Сын-сыпат бышыктооч деген эмне?

5. Орун бышыктооч кандай суроого жооп берет?

6. Кыймыл-аракеттин убактысын, мезгилин кайсы бышыктооч билдирет?

7. Себеп бышыктоочко мисал келтир.

8. Максат бышыктооч жөнүндө айтып бер.

9. Сан-өлчөм бышыктооч деп эмнени айтабыз?

**Бышыктоо үчүн көнүгүүлөр:**

**1-көнүгүү**. Сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Бышыктоочтук милдетти аткарган чакчыл түрмөктөрдү үтүр менен ажырткыла.

1. Аккуласын алкынтып баатыр Манас келе жаткансыйт (К.Ж.). 2. Жапар колун сунуп көл жакты көрсөттү (К.Б.). 3. Кез-кез арабаларга карап коюп Темир да өз жолу менен келе жаткан эле. 4. –Чыныңды айттың го, - деди Чаргын кепти тамашага буруп (Т.С.). 5. Ысык-Көлдүн балыгындай сүзүп Чолпонбай бат эле суунун аркы өйүзүнө чыкты. 6. Айгайлаган ызы-чуусун салып Аккуласын алкынтып кырк чоросун жулкунтуп баатыр Манас келе жаткансыйт (К.Ж.).

**2-көнүгүү**. Төмөнкү сөздөрдү бышыктоочтук мааниде колдонуп, сүйлөмдөрдү түзгүлө.

1. Ылдам, дайыма, бетме-бет, айылга чейин, күздү-күздөй, жогортодон, тез-тез, камырдан кыл сууругандай, миң түрдүү кылык көрсөтүп, айылда, көлгө карай, Балыкчы шаарында, малда, станцияны көздөй, көз ирмегенче.

**3-көнүгүү**. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Дүйшөн күнүгө эртең менен бизди мектепке алып баруучу. 2. Биз ошондо эле Олуя-Ата, Ташкенттерден да чоң Москва деген Ленин жашаган шаар бар экенин билгенбиз (Ч.А.). 3. Айтике чаначын таштап жиберип, баласын көздөй

жүгүрдү (А.Т.). 4. Кайгысы жок кара сууга семирет. 5. Билек жирей албаганды билим жирейт (Макал). 6.Элдин каалоосу боюнча карыя Жума сурнай тартты. 7. Каныбектин кара кашкасын минген Айбала келе жаткан эле (К.Ж.). Туйлап аккан тунук булактар, сайраган куштар акындын кайгы-черин жазды. 9. Келгендердин бардыгы акын менен кучакташып көрүштү (Ж.Б.).

## Тема: Баш жана айкындооч мүчөлөр боюнча синтаксистик талдоо жүргүзүү

**Синтаксистик талдоо жүргүзүүдө сүйлөм мүчөлөрүн аныктоочу шарттуу белгилер:**

**Ээ** бир сызык
**Баяндооч** кош сызык
**Аныктооч** толкун сызык
**Толуктооч** үзүк сызык
**Бышыктооч үзүк чекит**

1. Тажрыйбалуу учкуч самолётту жакшы башкарат.

2. Асмандагы ай алсыз нурун ай-ааламга чачыратты.

Эмне? – ай – ээ; эмне болду? – чачыратты – баяндооч; кайда чачыратты – ай-ааламга – орун бышыктооч; эмнесин чачыратты? – нурун – толуктооч; кандай нурун? – алсыз – аныктооч; кайсы ай? – асмандагы – аныктооч.

3. Ысык-Көл деген – чалкып жаткан көк деңиз.

Эмне? – деңиз – баяндооч; эмне деген? – Ысык-Көл деген – ээ; кандай деңиз? – чалкып жаткан, көк – аныктооч.

4. Жазында, малчылар көчүп кетишет.

Эмне болот? – көчүп кетишет – баяндооч; кимдер көчүп кетишет? – малчылар – ээ; качан көчүп кетишет? – жазында – орун бышыктооч.

**1-көнүгүү**. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Кичинекей Мичуриндин көбүнчө бактан же огороддон көрүүгө мүмкүн эле. 2. Кечкисин, көбүнчө, кышкы мезгилдерде бакчылык жөнүндөгү китептерди көп окуучу. 3. Турак жайларда тез, арзан жана кооз куруугa жетишели («СК»). 4. Арсланбап токойлору дем алуу үчүн, баа жеткис жер жана токой жемиштеринин базасы («ЖЛ»). 5. Москвага окууга, иштөөгө бара жатам. 6. Кайың 100-120 жыл, карагай 300 жыл, Кызыл карагай 400 жылга чейин жашайт («ЛЖ»).

**2-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

Мен жерге конуугa даярдана баштадым. Кораблдин аппараттары эң жакшы иштеп жатты. Учуунун бийиктиги акырындап азая берди. Төмөн жактан Волга дарыясы жарк дей түштү. Өзүм машыгып жүргөн жерлерди дароо эле тааныдым. Ал күнү мен эки жүз эсе бийик учтум. Советтик учкучтардын канаттары эки жүз эсе өстү! (Ю.Г.)

## Тема: Грамматикалык жактан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр: каратма сөз, киринди сөз, сырдык сөз.

**Негизги суроолор:**

1. Каратма сөз жөнүндө түшүнүк, анын милдетин аткаруучу сөздөр жана сөз тизмектери
2. Киринди сөз жөнүндө түшүнүк
3. Киринди сөздүн сүйлөмдө алган орду
4. Сырдык сөздөр, анын морфологиялык жана синтаксистик максаттарда колдонулушу
5. Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн стилдик максатда колдонулушу

**Кошумча берилүүчү суроолор жана тапшырмалар**

1. Каратма сөз деп эмнени айтабыз?
2. Каратма сөздүн милдетин кайсы сөз тизмеги аткарат?
3. Каратма сөздүн сүйлөмдөгү орду кандай?
4. Кепте каратма сөз кандай колдонулат?

5. Каратма сөз катышкан сүйлөмдөрдүн тыныш белгилери жана интонациялык өзгөчөлүктөрү кандай?

6. Киринди сөз деп эмнени айтабыз?

7. Киринди сөздүн милдетин аткаруучу сөздөр кайсылар?

8. Киринди сөздүн кандай түрлөрү бар?

9. Сырдык сөздүн маанилери жөнүндө айтып бер.

10. Сырдык сөздөр катышкан сүйлөмдөрдүн тыныш белгилери жана интонациялык өзгөчөлүктөрү кандай?

11. Сырдык сөздүн сүйлөмдөгү алган орду жөнүндө айтып бер.

**Бышыктоо үчүн көнүгүүлөр:**

**1-көнүгүү**. Көчүрүп жазып, каратма сөзгө тиешелүү болгон тыныш белгилерди койгула.

1. Садагасы өсөт чалгын канатың. Журт ажалыбыз болсо өлөрбүз, азабыбыз болсо көрөрбүз. Журт камалып калды го айланайын Искендер балам! (Ж.Т.). 2. Кабылан Манас угуп ал, Акбалта айткан кеп ошол («Манас»).

3. Садага атам караңыз, саламат экен балаңыз! (К.Б.). 4. Ооба кутмандуу талаам уста майданга кетерде балкасы менен коштошот дейт. Касым да өз кесибинин устасы эмес беле. – Туура айтасың Толгонай (Ч.А.).

**2-көнүгүү**. Киринди сөз катышкан сүйлөмдү көрсөткүлө.

1. Ырас Жапар деген согушка келгенде коркуп жүрдү. Бирок бара-бара көнүктү. Ошентип такшала баштады. Кийинчээрек ал коркуудан калды, чыйралды (К.Б.). 2. Бригадир Орозмат айткандай ал күнү мен чачымды тезирээк шыпыртып алдым да, кырманга барып түнөдүм. Көрсө Данияр түпкүлүгү биздин айылдан экен. Кишилердин айтышына караганда анын тартпаган азабы калбаптыр. Эмнеси болсо да эл анын кайтып келгенин туура табышты. Ал тез-тез кыймылдап, чапчаң иштөөчү эле. Мүмкүн турмуш аны иштөөгө үйрөтүбү? Балким ошондой болуш керек (Ч.А.). 3. Зарыл Гүлнардан толук төрт жаш улуу. Ошентсе да улуусунуп мүнөз күтүүчү эмес (Т.С.).

**3-көнүгүү**. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Энеси, баланын атын Чолпонбай койду. 2. Кагылайын энекем! Менин жаралуу жүрөгүмдү козгобочу? (К.Ж.). 3. Улуу ынтымак, күчтүү эмгек таалайдын эшигин кеңири ачат, кымбаттуу балдар! (Т.С.). 4. Апакеңдин төгүлгөн каны бекер кетпейт, кагылайын Чынар! (Ж.Б.). 5. Жолдош секретарь балам, биздин эмгек – кубанычтын жарчысы («ЛЖ»). 6. Бас, Ракыш, Абдылда – экөөңөрдүн ортоңордо байланыш бар эмеспи? Жолдош комсомолецтер! Быйыл колхоздун бактысы үчүн, элдин бактысы үчүн иштөөдөн баш тартпагыла (Н.Б.).

**4-көнүгүү.** Бали, баракелде, ыракмат, пай-пай, желе-желе, чу-чу деген сырдык сөздөрдү катыштырып, сүйлөм түзүп келгиле.

## Тема: Төл жан бөтөн сөздөрдө коюлуучу тыныш белгилер

**Негизги суроолор:**

1. Төл жана бөтөн сөз, алардын өз ара бөтөнчөлүктөрү
2. Бөтөн сөздүн түрлөрү
3. Тике сөздү кыйыр сөзгө айландыруу
4. Тике сөздүн стилдик жактан колдонулушу

**Кошумча берилүүчү суроолор жана тапшырмалар**

1. Төл сөз деген эмне?
2. Бөтөн сөз деп кандай сөздү айтабыз?
3. Тике сөздүн түрлөрү кандай?
4. Төл жана бөтөн сөздөрдүн орун тартибине карата тыныш белгилер кандай коюлат?
5. Төл жана бөтөн сөздүн стилдик өзгөчөлүктөрү кандай?
6. Бөтөн сөз кандай жолдор аркылуу берилерин атагыла.
7. Тике сөз диалогдо кандайча колдонулат?

**Бышыктоо үчүн көнүгүүлөр:**

**1-көнүгүү**. Көчүрүп жазгыла, төл жана бөтөн сөздөрдү тапкыла.

1. Чаргын тынчтык убагында эле колхоздогу жетекчилердин бири болгон. Ал жөнүндө Шамбет: «Ушул бир мүнөздүү Чаргын кээ бир кежирлигин койсо, колхозду мыкты башкарып, чарбаны алып кете алар эле», деп ойлойт. Чаргын намыстанып жүргөн кезинде райкомдун секретары мындай деди: «Эмгек майданы маселенин көбүн чечет, азыр бизде жоокер эмес киши жок». Мына ушундан баштап Чаргындын мүнөзү өзгөрүлө баштады. Иште бүйрө, кишилерге кичи пейил, сабырдуу болууга тырышат. «Сен эмне башкармасың, тилдүү аялдар менен жаакташып айтышпа, абийириңерге карайбы алар»,- деп өзүнө-өзү кеңеш берет (Т.С.).

**2-көнүгүү**. Тике сөздөрдү таап, аларга тиешелүү болгон тыныш белгилерди коюп көчүргүлө.

1. Ошондо шумкар күчүн жыйнап туруп, кыйкырып жиберди о-о, салгылашуу кандай бакыт! (М.Г.). 2. Элде мындай деген макал бар акыл - тозбогон тон, билим – түгөнбөгөн кен (Макал). 3. Учуу жакшы жүрүп жатат, өзүмдүн абалым жакшы деген кабар бердим (Ю.Г.). 4. Мен турмушта деди Олег Кошевой эч убакта жеңил жол издеген эмесмин (А.Ф.). Родинанын приказын аткарууга ким барат деди командир (К.Ж.). 6. Кайран теректер, жалбырак төгүп турган кези экен дедим мен (Ч.А.).


**3-көнүгүү**. Сүйлөмдүн түзүлүшү жана сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

### Биринчи мугалим

Биринчи күнү ал бизди жерге төшөлгөн саманга отургузуп, колубузга бирден дептер, бирден калем берди. Анан дубалдын бооруна жармаштырып койгон сүрөттү көрсөттү. «Мына бул киши, - деди Дүйшөн, - Ленин атабыз». Лениндин ошондогу сүрөтү бүт өмүрүмө эсимде калды.

Айткандай эле, Дүйшөн бизди окута баштады. Анын ак пейилинен кылган аракети, менимче, талаага кеткен жок. Ошондо тоо койнундагы кыргыз балдары үчүн укмуштуудай жаңы дүйнө ачылды. Биз ошондо эле Москва деген Ленин жашаган чоң шаар бар экенин билгенбиз. Илим менен техника өсүп, турмуш оңолгондо, биздин мектеп заңгыраган ак там болоруна биз ошондо эле ишенгенбиз (Ч.А.).

Шарттуу белгилери:




## Тема: Тыныш белгилердин колдонулушу

**Негизги суроолор:**

1. Тыныш белгилеринин мааниси жана кызматы
2. Жазууда тыныш белгилеринин колдонулуш мааниси
3. Тыныш белгилери жана аларды коюунун эрежелери
4. Пунктуация жөнүндө түшүнүк
5. Тыныш белгилердин түрлөрү
6. Тыныш белгилеринин кабатталып колдонулушу

**Кошумча берилүүчү суроолор жана тапшырмалар**

1. Пунктуация деп эмнени айтабыз?
2. Тыныш белгилеринин жазуу кебиндеги мааниси кандай?
3. Оозеки кептеги интонациялык бөтөнчөлүктөр кайсы?
4. Тыныш белгилер жөнүндөгү түшүнүгүңдү айтып бер.
5. Пунктограмма деген эмне?
6. Сүйлөмдүн аягына коюлуучу тыныш белгилер кайсылар?
7. Тыныш белгилердин айкашып коюлушунун маанисин түшүндүргүлө

8. Тыныш белгилерди колдонууда кандай жоболорду жетекчиликке алабыз?

**Бышыктоо үчүн көнүгүүлөр:**

**1-көнүгүү**. Көчүрүп жазып, тиешелүү жерлерге тыныш белгилерди койгула.

1. Жаңы заманда Субанкул экөөбүз эмгегибиз менен жетилдик. Мээнетибиз кайтты үйлүү-жайлуу болдук мал да күттүк. Тилегибизге жетип үч уулдуу болдук.

- Ооба Толгонай энелик үзүрдүн эң сонун мезгили сен үчүн ошондо башталган (Ч.А). 2. Элде мындай деген макал бар Адамдын көркү адилеттүүлүктө жигиттин көркү адептүүлүктө. Ашуусу болбой тоо болбойт аркары болбой зоо болбойт деген элде макал бар (Макал). 3. Биз кымыз ичип киргенче жалгыз күүсүн он чакты кайталап чертти (А.Т.). 4. Ушунун баары тиги талаа береги шаар да суу да бак дарактар да кубанычтуу карайт (Н.Б.).

**2- көнүгүү.** Көчүрүп жазгып, тыныш белгилерди койгула.

1. Карынын жалгыз күүсүн алда канча чертип жиберди // Аксакалдын бул күүсүнүн аты эмне // деп сурадым жанымдагы кара сакал кишиден // Билбеймин // муну эч ким билбейт // Сиз ушул айылдансызбы // Эмне үчүн билбейсиз // деп ал кишиден дагы сурадым//Ооба //иним //ушул эле айылдамын // Мен бул кишиден элүү жаш кичүүмүн // деп жылмайды // Бул кишини сөзү мени ого бетер кызыктырды // (А/Т/)

**3-көнүгүү.** Көчүрүп жазгыла, тыныш белгилерди тиешелүү жерге койгула.

1. Суу болбой кокуй үйгө кире туралы десем Алиман эчтеке эмес эне бүтүрүп коёлу деп жаанды кытыгылаганына каткыра күлүп жерди айдай берди Алиман улам алакандарын бетин жаанга тосуп эне бери карачы кандай сонун жаан кандай таза жаан быйыл эгин мол болот төгө бер берекеңди төгө

бер деп кубанып жатты келинимдин бул кылыгына мен да баттым.

**Көнүгүүлөрдүн үстүндө иштөө**

**1-көнүгүү**. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүп алардын ортосундагы байланыштын түрлөрүн аныктагыла.

1. Биз саякатыбызды баштадык. Дашман, Кызыл-Үңкүр, Кара-Алма, Кара-Шоро, Ак-Теректин коктуларын араладык. Бул жерлерде жаңгак, алма, алча, чие, долоно, ит мурун-бары өсөт экен. Жаңгактардын көпчүлүгү Арстанбап жана Өзгөн аймагында кезигет.Жаңгактын данеги ар кандай заттарга бай. Алар: белок, фосфор, кальций, темир жана башклар («А»). 2. Суу берип, нур төгүлткөн заманыңды оюңда да, окууда да эс-ке ала жүр (М.А.). 3. Ата, карачы! Мелмилдеп Чоң-Чүй кана-лы агып жатат. Ал токчулукту билдирет.

**2-көнүгүү**. Сүйлөмдүн аягына тиешелүү тыныш белги-лерди коюп, көчүрүп жазгыла.

1. – А-а-а, Айганыш балам, ал-жайын кандай // көрүнү-шүң жаман го, үлүңдөп күйгөн шамдай //

- «Курманбек өлдү» деген кабар көңүлүңө майдай жагар //
- Абдан сонун кабар, балким, сага да жагар //
- Абдан жагат //

2. Айылдан жаңы узай бергенде төтө жол менен бир аял келе жатканын көрө калдым // Дароо эле тааныдым, Алиман экен // Алда караанындан болоюнумай, кайра келе жаткан турбайбы // «Токто // Токто азыр // мен түшөм //» - деп маши-надан шашып түштүм // (Ч.А.)

**3-көнүгүү**. Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүп, баш мүчөлөрүн көрсөткүлө.

1. Акылдын көркү - тил, тилдин көркү - сөз. 2. Адамдын көркү - жүзүндө, жүздүн көркү - көздө. 3. Киши тил аркылуу сөз айтат. 4. Эгер анын сөзү татымдуу болсо, анда анын таңкы тарайт (Ж.Баласаган).

**4–көнүгүү**. Көчүрүп жазгыла да, жөнөкөй сүйлөм боюнча синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

1. Коңур күз. Эртең айылга жөнөймүн. Ысык-Көл мелтиреп турат. Толкун да көрүнбөйт. Айлана тыптынч. Сапарыңар кут болсун! Талант балам («КБ»).

2. – Сиз айылга жөнөп жатасызбы?

- Жөнөп жатам.
- Качан келесиз?
- Кийин.
- Айылдагы жумуштар бүткөндө келесизби?
- Ооба («КМ»).

**5-көнүгүү**. Сүйлөмдү көчүрүп, аларга сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Бурулча Стамбектин үйүн көздөй кетти (К.Б.). 2. Малчылардын үй береги туманданып көрүнгөн тумшуктан ары болуу керек. 3. Аскардын жанына Окжетпес жетип келди (Т.С.). 4. Бизде топ ардактуу орунду ээлейт. 5. Дайыма волейбол боюнча мелдештерди өткөрүп турабыз (А.Николаев). 6. А.С. Пушкин 20 жашында «Руслан жана Людмила» деген поэмасын жазып бүткөн. 7. Кит океанда сүзүп баратып 7 метр бийиктикке чейин секире алат («ЖЛ»).

**6-көнүгүү**. Тике сөздөрдү таап, аларга тиешелүү болгон тыныш белгилерди коюп көчүргүлө.

1. Ошондо шумкар күчүн жыйнап туруп, кыйкырып жиберди о-о, салгылашуу кандай бакыт! (М. Г.) 2. Элде мындай деген макал бар акыл – тозбогон тон, билим – түгөнбөгөн кен (Мак.). 3. Учуу жакшы жүрүп жатат, өзүмдүн абалым жакшы деген кабар бердим (Ю.Г.). 4. Мен тур мушта деди Олег Кошевой эч убакта жеңил жол издеген эмесмин (А.Ф.). 5. Родинанын приказын аткарууга ким барат деди командир (К.Ж.). 6. Кайран теректер, жалбырак төгүп турган кези экен дедим мен (Ч.А.).

**7-көнүгүү.** Көчүрүп жазып, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Мамбетов жетекчилик кылган бригада эгинден мол түшүм алды. 2. Уйкусу ачылып кеткен Аскар төшөгүнөн ыргып турду (Т.С.). 3. Көз ачып жумгуча барылдап ыйлаган баланын дабышы чыкты. 4. Ак асаба кызыл туусун кармап, айгайлаган ызы-чуусун салып, Аккуласын алкынтып, кырк чоросун жулкунтуп, баатыр Манас келе жаткансыйт (К.Ж.). 5. Акын таң атканча уктаган жок, энесинин курбу-курдаштарынын аманчылыгын сурап (Ж.Б.). 6. Анда биз, бир кур өспүрүм балдар, колхоздо араба айдап, чөп чаап, суу сугарабыз (Ч.А.). 7. Билек жирей албаганды билим жирейт. 8. Эже кийгенди сиңди кийет. 9. Кайгысы жок кара сууга семирет. 10. Ат аяган жер карайт, куш аяган көк карайт (Макал).

# МАЗМУНУ

Синтаксис, анын изилдөө объектиси ........................................5
Сөз айкашы ....................................................................................6
Сөз айкашынын түгөйлөрүнүн грамматикалык байланышы....7
Сүйлөм ..........................................................................................9
Сүйлөмдүн колдонулуш максатына карай бөлүнүшү (жай, суроолуу, илептүү) ..........................................................................10
Сүйлөмдүн грамматикалык жактан түзүлүшү ........................12
Бир тутумдуу сүйлөм жана анын бөлүнүшү ..........................13
Эки тутумдуу сүйлөм жана анын өзгөчөлүгү ..........................15
Татаал сүйлөмдүн синтаксиси..................................................16
Тең байланыштагы татаал сүйлөм ..........................................17
Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм, анын түрлөрү......19
Аралаш татаал сүйлөм ............................................................20
Сүйлөм мүчөлөрү. Ээ ................................................................21
Ээнин милдетин аткаруучу сөз түркүмдөр ............................23
Баяндооч......................................................................................24
Ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлушу ........25
Аныктооч ....................................................................................26
Толуктооч....................................................................................27
Толуктоочтун милдетин аткаруучу сөздөр ............................28
Бышыктооч ................................................................................30
Бышыктоочтун милдетин аткаруучу сөздөр ..........................31
Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү..............................................31
Төл жана бөтөн сөздөр, аларга коюлуучу тыныш белгилер ...34
Кыргыз тилиндеги тыныш белгилердин колдонулушу...........35
Сөз айкашынын байланышуу жолдору ..................................37
Жөнөкөй сүйлөм........................................................................39
Татаал сүйлөм ............................................................................40
Тең байланыштагы татаал сүйлөм, анын бөлүнүшү................42
Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм, анын түрлөрү......43
Аралаш татаал сүйлөм ............................................................45
Ээ, анын түзүлүшү......................................................................46
Баяндооч, анын касиети ..........................................................48
Баш мүчөлөр боюнча талдоо жүргүзүү үчүн көнүгүүлөр менен иштөө ..........................................................................................49

Аныктооч, анын грамматикалык белгилери ............................ 51
Сүйлөмдүн толуктооч мүчөлөрү.............................................. 52
Сүйлөмдүн бышыктооч мүчөлөрү ........................................... 53
Баш жана айкындооч мүчөлөр боюнча синтаксистик талдоо жүргүзүү.................................................................................... 55
Төл жан бөтөн сөздөрдө коюлуучу тыныш белгилер ............. 58
Тыныш белгилердин колдонулушу .......................................... 60

Ченеми 60х84/16. Көлөмү 4,25 басма табак.
Офсеттик басуу. Нускасы 200.

«Сарыбаев Т.Т.» басмасында басылды.
Бишкек ш., Раззаков к., 49